# نبذة في العقيدة الإسلامية )شرح أصول الإيمان) (للحرمين والجمعية(

# Ислам акыйдасы тууралуу кыскача түшүндүрмө

# Ислам акыйдасы тууралуу кыскача түшүндүрмө

Мухаммад бин Салих ал-Усеймин

# Ислам акыйдасы тууралуу кыскача түшүндүрмө

Жазган урматтуу шейх

Мухаммад бин Салих ал-Усеймин

Аллах Таала анын өзүн, ата-энесин жана жалпы мусулмандарды кечирсин.

Чексиз Ырайымдуу жана Мээримдүү Аллахтын аты менен.

## Киришүү:

Бардык алкыш-мактоолор Аллахка таандык. Ага мактоо айтабыз. Андан жардам сурайбыз. Андан кечирим тилейбиз жана Ага тообо кылабыз. Ошондой эле напсибиздин жана туура эмес амалдарыбыздын жамандыгынан коргоону Анын Өзүнөн суранабыз. Аллах туура жолго салган адамды адаштыруучу болбойт. Аллах адаштырган адамды туура

жолго салуучу да жок. Аллахтан башка ибадат кылууга татыктуу кудай жок, Ал жалгыз, Анын шериги да жок деп күбөлүк беремин. Дагы Мухаммад Анын кулу жана элчиси деп күбөлүк берем. Ага, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана аларга жакшылык менен ээрчигендерге Аллахтын салаваттары жана  саламдары болсун.

Андан кийин айтарым төмөнкүчө: Тавхид илими илимдердин эң кадырлуусу, эң улугу жана эң зарылы. Анткени, тавхид илими - Улуу Аллахты, Анын ысым-сыпаттарын жана пенделеринин үстүндөгү укуктарын билүү.  Ошондой эле, ал Аллахка алып бара турган жолдун ачкычы жана Анын шариятынын негизи.

Мына ошондуктан, бардык пайгамбарлар тавхидге даават кылууда бир жол, бир пикирде болушкан. Бул тууралуу Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَمَآ أَرۡسَلۡنَا مِن قَبۡلِكَ مِن رَّسُولٍ إِلَّا نُوحِيٓ إِلَيۡهِ أَنَّهُۥ لَآ إِلَٰهَ إِلَّآ أَنَا۠ فَٱعۡبُدُونِ 25﴾

"(О Мухаммад!) Сенден мурун жиберген ар бир пайгамбарга Биз:

«Менден башка (ибадатка ылайык) кудай жок. Өзүмө гана сыйынгыла деп аян-кабар кылдык". (Анбия сүрөсү, 25-аят).

Аллахтын жалгыздыгына (Тавхидге) Аллах Өзү, Анын периштелери жана илим ээлеринин баары күбөлүк беришкен. Бул тууралуу Аллах Таала минтип айтат:

﴿شَهِدَ ٱللَّهُ أَنَّهُۥ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ وَٱلۡمَلَٰٓئِكَةُ وَأُوْلُواْ ٱلۡعِلۡمِ قَآئِمَۢا بِٱلۡقِسۡطِۚ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ ٱلۡعَزِيزُ ٱلۡحَكِيمُ 18﴾

«Аллах, Анын периштелери жана илимдүү адамдар андан (Аллахтан) башка сыйынууга татыктуу кудай жок экенине, (жана Аллах өз иштеринде) адилет менен Туруучу экенине күбөлүк беришти. Анын Өзүнөн башка сыйынууга татыктуу кудай жок. (Ал) - Кудуреттүү, Даанышман». (Аалу Имран сүрөсү, 18-аят).

Тавхиддин даражасы ушундай улуу болгон соң ар бир мусулман, өз динин таза, ишенимдүү негизде куруу үчүн Тавхидди үйрөнүп, үйрөтүп, ага пикир кылып жана ишенип, динин таза пайдубалдын үстүнө

негиздөө үчүн көңүл бөлүүсү зарыл. Мына ошондо ал Тавхиддин мөмөсүн жана натыйжаларын көрөт.

Ийгиликтин Ээси жалгыз Аллах.

Автор

## Ислам дини.

Ислам дини - Улуу Аллахтын Мухаммад Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аркылуу жиберген эң акыркы дини. Аллах пенделери үчүн Исламды толук (кемчилиги жок) кылып берип, Ислам себептүү аларга нээмат-жакшылыктарынын баарын берди жана аларга Ислам гана дин болуусуна ыраазы болду. Ошондуктан, Исламдан башка дин эч кимден кабыл алынбайт. Аллах Таала минтип айткан:

﴿مَّا كَانَ مُحَمَّدٌ أَبَآ أَحَدٖ مِّن رِّجَالِكُمۡ وَلَٰكِن رَّسُولَ ٱللَّهِ وَخَاتَمَ ٱلنَّبِيِّـۧنَۗ وَكَانَ ٱللَّهُ بِكُلِّ شَيۡءٍ عَلِيمٗا 40﴾

"(О ыймандуулар!) Мухаммад силердин араңардагы эч бир эркектин атасы эмес. Ал болгону Аллахтын элчиси жана пайгамбарлардын

акыркысы. Аллах – ар нерсени Билүүчү". (Ахзаб сүрөсү, 40-аят).

Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿...ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ وَأَتۡمَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ نِعۡمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ ٱلۡإِسۡلَٰمَ دِينٗاۚ...﴾

"Мына бүгүн Мен силерге диниңерди толук кылып, жакшылыктарымды бирин калтырбай берип, силерге Исламдын гана дин болушун кааладым". (Маида сүрөсү, 3-аят).

Аллах Таала дагы мындай дап айткан:

﴿إِنَّ ٱلدِّينَ عِندَ ٱللَّهِ ٱلۡإِسۡلَٰمُۗ...﴾

«Албетте, Аллахтын алдында (кабыл боло турган) дин – бул, Ислам...». (Аалу Имран сүрөсү, 19-аят).

Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿وَمَن يَبۡتَغِ غَيۡرَ ٱلۡإِسۡلَٰمِ دِينٗا فَلَن يُقۡبَلَ مِنۡهُ وَهُوَ فِي ٱلۡأٓخِرَةِ مِنَ ٱلۡخَٰسِرِينَ 85﴾

«Ким Исламдан башка динди кааласа, андан (ибадаттары) кабыл алынбайт жана ал Акыретте зыян тартуучулардан болот». (Аали Имран сүрөөсү, 85-аят).

"Чынында, Аллах Таала, Өзүнө Ислам дини менен гана сыйынууларын бардык адамдарга парз кылды. Ал Өз элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп кайрылган:

﴿قُلۡ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِنِّي رَسُولُ ٱللَّهِ إِلَيۡكُمۡ جَمِيعًا ٱلَّذِي لَهُۥ مُلۡكُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِۖ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ يُحۡيِۦ وَيُمِيتُۖ فَـَٔامِنُواْ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِ ٱلنَّبِيِّ ٱلۡأُمِّيِّ ٱلَّذِي يُؤۡمِنُ بِٱللَّهِ وَكَلِمَٰتِهِۦ وَٱتَّبِعُوهُ لَعَلَّكُمۡ تَهۡتَدُونَ 158﴾

"Айт: “О адамдар! Мен силердин баарыңарга жиберилген Аллахтын элчиси боломун! (Аллах) ушундай: Асмандар жана жер мүлкү Аныкы. Андан башка эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок. Ал өлтүрөт жана тирилтет. Эми, Аллахка жана Анын эч кимден сабак албаган, элчи пайгамбарына ыйман келтиргиле! Ал пайгамбар (дагы) Аллахка, Анын сөздөрүнө ыйман келтирет. Туура жолго түшүүгө үмүтүңөр болсо, ошону гана ээрчигиле". (Аараф сүрөсү, 158-аят).

Имам Муслимдин «Сахих» китебинде Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун)

риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси мындай деген:

«وَالَّذِي نَفْسُ مُحَمَّدٍ بِيَدِهِ لَا يَسْمَعُ بِي أَحَدٌ مِنْ هَذِهِ الْأُمَّةِ يَهُودِيٌّ وَلَا نَصْرَانِيٌّ، ثُمَّ يَمُوتُ وَلَمْ يُؤْمِنْ بِالَّذِي أُرْسِلْتُ بِهِ إِلَّا كَانَ مِنْ أَصْحَابِ النَّارِ».

«Мухаммаддын жаны колунда турган Аллахка ант болсун, жөөт болобу, христиан болобу, бул үммөттөн ким мен жөнүндө угуп, бирок мен алып келген динге ыйман келтирбей өтүп кетсе, тозоктун тургундарынан болот"[1].

Ал эми, Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыйман келтирүү оозеки түрдө гана тастыктап коюу менен эмес, балким, ал алып келген нерсеге (динге) моюн сунуп иш (амал) жүзүндө тастыктоо менен болот. Мына ошондуктан, пайгамбардын агасы Абу Талиб Исламды: «Бул диндердин

---

[1] Муслим, Ыйман китеби, «Пайгамбарыбыздын бүткүл адамзатка болгон элчилигине ыйман келтирүүнүн жана анын дини аркылуу башка диндердин жоюлушунун важибтиги» бөлүмү, (153).

арасындагы эң жакшы дин" - деп оозеки тастыктаганы менен ыймандуу болгон эмес.

Ислам дини байыркы бардык диндердин жакшы касиеттерин бүт өз ичине камтыган дин болуу менен бир катар, бардык заман, бардык мекен жана бардык элдерге жарактуулугу менен башка диндерден айырмаланып турат. Улуу Аллах Өз элчисине кайрылып, мындай деген:

﴿وَأَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ مُصَدِّقٗا لِّمَا بَيۡنَ يَدَيۡهِ مِنَ ٱلۡكِتَٰبِ وَمُهَيۡمِنًا عَلَيۡهِ...﴾

«Биз сага да, өзүнөн мурдакы китептерди тастыктоочу жана алардын (бардык артыкчылыктарын) ичине камтыган китепти Акыйкаттык менен түшүрдүк...» (Маида сүрөсү, 48-аят).

Исламдын бардык заман, бардык мекен жана бардык элдерге ылайык, жарактуу экенинин мааниси - кээ бир адамдар түшүнгөндөй, ислам замандын, мекендин жана элдердин кызыкчылыгына моюн сунат деген мааниде эмес. Тескерисинче, исламды кабыл алуу эч бир заманда, эч бир

элдин пайдасына каршы келбейт деген маанини билдирет.

Ислам дини акыйкат дин. Аллах бул динди бекем тутунган кишилерге жеңиш берүүгө жана бул динди башка диндерден үстөм, жогору кылууга кепилдик берген. Аллах Таала минтип айткан:

﴿هُوَ ٱلَّذِيٓ أَرۡسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلۡهُدَىٰ وَدِينِ ٱلۡحَقِّ لِيُظۡهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡمُشۡرِكُونَ 9﴾

"Ал (Аллах) Өз пайгамбарын, туура жол жана акыйкат дин менен – эгер мушриктер жаман көрүшсө да – бардык диндерден үстөм, жогору кылуу үчүн жиберген". (Саф сүрөсү, 9-аят).

Аллах Таала мындай деген:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ يَعۡبُدُونَنِي لَا يُشۡرِكُونَ بِي شَيۡـٔٗاۚ وَمَن كَفَرَ بَعۡدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ 55﴾

"Аллах силердин араңардагы ыйман келтирген жана жакшы амалдарды аткарган адамдарды жер жүзүнө

башкаруучу кылууну убада берди, мурдагы (ушундай) кишилерди башкаруучу кылганы сыяктуу. Аларга Өзү ыраазы болгон диндерин бекемдеп берүүнү, коркунучтарынан кийин (анысын) тынчтыкка алмаштырып берүүнү (да убада берди жана мындай шарт койду:) «Менин Өзүмө гана ибадат кылышат, Мага эч нерсени шерик кылышпайт». Ким ушундан кийин каапыр болсо, ошолор гана бузукулар". (Нур сүрөсү, 55-аят).

Ислам дини - акыйда жан шарияттан турат. Анын акыйдасы да, шарияты да толук, эч кандай кемчиликсиз.

1- Аллахтын жалгыздыгына (тавхидге) буюруп, Аллахка шерик кошуудан (ширктен) кайтарат.

2 - Чынчылдыкка буюруп, жалганчылыктан кайтарат.

3 - Адилеттүүлүккө буюруп, зулумдан кайтарат. Адилеттүүлүк - бул, акысы бирдей нерселердин арасында теңдик кылуу жана акысы ар башка болгон

нерсердин акыларын өз жайына койуу. Ал эми, кээ бир адамдар айткандай: бардык нерселердин ортосундагы абсолюттук теңдик бул адилеттүүлүк эмес. Дагы: Ислам теңдиктин дини деп атышат. Бул туура эмес. Туурасы - Ислам адилеттүүлүктүн дини. Анткени, акысы ар башка болгон нерселердин арасында теңдик кылуу зулум болот. Ислам зулумдуктан тыят. Аны кылган кишини айыптайт.

4- Аманаткөйлүккө буйруп, кыянат кылуудан тыят.

5. Убадага бекем болууга (опалуулук) буюруп, чыккынчылыктан кайтарат.

6- Ата-энеге жакшылык кылууга буюруп, алардын көңүлүн калтыруудан (ак болуудан) кайтарат.

7- Тууганчылыкты бекемдөөгө буюруп, карым-катышты үзүүдөн кайтарат.

8- Кошунага жакшы мамиле кылууга буюруп, жаман мамиле кылуудан кайтарат.

Кыскасын айтканда, ислам дини бардык улук, изги кулк-мүнөздөргө буюруп,

бардык жаман, адепсиз кылыктардан кайтарат. Ошондой эле бардык жакшы амалдарга буюруп, бардык жаман амалдардан кайтарат.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ يَأۡمُرُ بِٱلۡعَدۡلِ وَٱلۡإِحۡسَٰنِ وَإِيتَآيِٕ ذِي ٱلۡقُرۡبَىٰ وَيَنۡهَىٰ عَنِ ٱلۡفَحۡشَآءِ وَٱلۡمُنكَرِ وَٱلۡبَغۡيِۚ يَعِظُكُمۡ لَعَلَّكُمۡ تَذَكَّرُونَ 90﴾

"Албетте, Аллах адилеттүүлүккө, жакшылыкка, тууган-уруктарга кайрымдуулук кылууга буюруп, бузукулуктан, (шариятка) терс пейилдик кылуудан жана зулум-душманчылыктан кайтарып, силерге наасат кылат. Кана эми, эсиңерге келсеңер!» (Нахл сүрөсү, 90-аят).

## Исламдын негиздери.

Ислам негиздери: Ислам дини негизделген беш түркүк. Алар төмөнкүлөр: Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«بُنِيَ الْإِسْلَامُ عَلَى خَمْسَةٍ: عَلَى أَنْ يُوَحِّدَ اللهَ - وَفِي رِوَايَةٍ عَلَى خَمْسٍ -: شَهَادَةِ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ، وَأَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ، وَإِقَامِ الصَّلَاةِ، وَإِيتَاءِ الزَّكَاةِ، وَصِيَامِ رَمَضَانَ، وَالْحَجِّ»

«Ислам беш нерсеге негизделген: Аллахты жалгыздоого, бир риваятта: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Аллахтын кулу жана элчиси» - деп күбөлүк берүү, намазды толук аткаруу, зекет берүү, Рамазандын орозосун кармоо жана ажыга баруу». Бирөө: "Ажылык, анан Рамазандын орозосубу?" деп сурады эле, ал:

«لَا، صِيَامُ رَمَضَانَ، وَالْحَجُّ»

"Жок, Рамазандын орозосу, анан Ажылык" - деп жооп берди. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дал ушинтип айтканын уккам[1].

1- "Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Аллахтын кулу жана элчиси» деп күбөлүк берүү, оболу жүрөк менен ушуга ишенип, ошол ишенимди тил менен айтуудан турат. Тил менен айткандан максат, жүрөктөгү

---

[1] Имам Бухари, 8. Имам Муслим, 16.

ишенимди бекемдеп коюу үчүн. Бул күбөлүк келмесинде «Аллахка» жана «Мухаммадка» деп, экөөнө күбөлүк берилип (эки сүйлөмдөн турганы менен), экөө биригип бир негиз болуп саналат.

Анткени, Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын сөздөрүн жеткирүүчү. Ошондуктан биз анын пенделигине жана элчилигине күбөлүк берсек, бул күбөлүк өз-өзүнөн «Аллахтан башка сыйынылуучу жок» деген күбөлүктү толуктап турат.

Же болбосо, анткени бул эки күбөлүк – амалдардын туура жана кабыл болушунун негизи; анткени амалдар Аллах Таалага ыклас кылуу жана Анын элчисине ээрчүү менен гана кабыл кылынат.

Аллахка ыклас кылуу менен «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок» деген күбөлүк ишке ашат. Ал эми Аллахтын Элчисине ээрчүү менен «Мухаммад Анын кулу жана элчиси» деген күбөлүк ишке ашат.

Бул улуу күбөлүк берүү келмесинин пайдаларынын бири: адамдын өзү жана жүрөгү Аллахтан башка нерселерге болгон кулчулуктан азат болот жана бул жашоодо элчилердин жолунан башка жолдорго ээрчибейт.

2- Намазды толук аткаруу - бул, намазды өз убактысында, талап кылынгандай абалда, үзгүлтүккө учуратпай толук окуу аркылуу Аллахка сыйынуу дегенди билдирет.

Анын кээ бир пайдалары: жан дүйнөнүн тынчтыгы, көздүн кубанычы жана жаман иштерден жана сөздөрдөн тыйат.

3- Зекет берүү - бул, белгиленген өлчөмгө жеткен жеке менчик байлыгынан шарият тарабынан белгиленген бир үлүшүн берүү аркылуу аткарылчу ибадат болуп саналат.

Зекет бергендин пайдасы, адам эң жаман мүнөз, сараңдыктан арылат. Анан да мусулмандардын муктаждыгын орундаткан болот.

4- Рамазан орозосу бул, Рамазан айында күндүзгү күндөрү орозону буза турган нерселерден тыйылып, Аллах Таалага ибадат кылуу.

Анын пайдаларынын бири: мусулман адам Аллахтын ыраазычылыгы үчүн өз напсиси умтулган нерседен өзүн токтотуп, өзүн тарбиялайт.

5- Ажылык: Бул – ажылыктын амалдарын аткаруу үчүн Харам мечитине барууга ниет кылуу аркылуу Аллах Таалага ибадат кылуу.

Ажылыктын өтө зор пайдалары бар. Аллахтын ыраазылыгы үчүн денеге келген оорчулуктарды, материалдык чыгымдардын түйшүгүн көтөрүү менен өзүн ар кандай кыйынчылыкка чыдоого тарбиялайт. Ошондуктан ажылык Аллах Таала жолундагы күрөшүүнүн бир түрү болуп саналат.

Бул негиздердин биз эскерген жана эскербеген пайдалары үммөттү таза, аруу, Аллахка чыныгы дин менен ибадат кыла турган, башка элдер менен адилет, чынчыл

мамиле жасай турган нукура Ислам үммөтү кылып тарбиялайт. Ислам шариятынын башка багыттарынын оңолуусу, ушул беш негиздин жакшы аткарылышына байланыштуу. Ал эми жалпы эле ислам үммөтүнүн (мусулмандардын) абалынын оңолуусу бардык шарият иштеринин оңолуусуна байланыштуу. Ошондой эле, мусулмандардын жаман абалга түшүп калуулары, дин иштерин (өкүмдөрүн) начар аткарууларына жараша болот.

Ким бул чындыкты дагы тереңирек түшүнүүнү кааласа, төмөндөгү аяттарды окусун. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَلَوْ أَنَّ أَهْلَ ٱلْقُرَىٰٓ ءَامَنُوا۟ وَٱتَّقَوْا۟ لَفَتَحْنَا عَلَيْهِم بَرَكَـٰتٍ مِّنَ
ٱلسَّمَآءِ وَٱلْأَرْضِ وَلَـٰكِن كَذَّبُوا۟ فَأَخَذْنَـٰهُم بِمَا كَانُوا۟ يَكْسِبُونَ 96
أَفَأَمِنَ أَهْلُ ٱلْقُرَىٰٓ أَن يَأْتِيَهُم بَأْسُنَا بَيَـٰتًا وَهُمْ نَآئِمُونَ 97 أَوَأَمِنَ
أَهْلُ ٱلْقُرَىٰٓ أَن يَأْتِيَهُم بَأْسُنَا ضُحًى وَهُمْ يَلْعَبُونَ 98 أَفَأَمِنُوا۟
مَكْرَ ٱللَّهِ ۚ فَلَا يَأْمَنُ مَكْرَ ٱللَّهِ إِلَّا ٱلْقَوْمُ ٱلْخَـٰسِرُونَ 99﴾

"Эгер айылдардын элдери ыйманга келип, такыба болушса, Биз аларга асмандардан жана жерден берекелерди ачып коймокпуз. Бирок, алар Биздин аяттарыбызды жалганга

чыгарышты эле, кылмыштарына жараша кармадык (азап-жаза бердик)".

"Айылдардын элдери, аларга Биздин азап (аларга) түндөсү, уктап жаткан кезде келүүсүнөн аман беле?"

Айылдардын элдери, аларга Биздин азап күндүзү, алар ойноп-жыргап жаткан кезде келүүсүнөн көңүлдөрү ток беле.

"Алар Аллахтын айлакерлигинен бейкапар беле? Аллахтын айлакерлигинен зыян тартуучу коом гана ток көңүл болот". (Аьраф сүрөсү, 96-99-аяттар).

Өткөн адамдардын тарыхына карагылачы! Тарыхта, жүрөгү сокур эмес, акылдуу адамдар үчүн чоң үлгү, ибараттар бар! Чындыкты билүүдө Аллахтын Өзү жардамчы болсун.

## Ислам акыйдасынын (ыймандын) негиздери.

Ислам дини – биз жогоруда айтып өткөндөй – акыйда (ишеним, ыйман) жана

шарияттан турат. Жогоруда биз ислам шариятынын кээ бирлери жана анын негиздери жөнүндө айттык.

Эми ислам акыйдасынын негиздерине келсек, акыйданын негизи Аллахка, Анын периштелерине, китептерине, элчилерине, акырет күнүнө жана тагдырга (жакшысына да, жаманына да) ыйман келитирүүдөн турат.

Бул негиздер Аллахтын китеби Куранда жана Анын элчисинин сүннөттөрүндө көргөзүлгөн.

Аллах Таала Куранда мындай деген:

﴿لَّيۡسَ ٱلۡبِرَّ أَن تُوَلُّواْ وُجُوهَكُمۡ قِبَلَ ٱلۡمَشۡرِقِ وَٱلۡمَغۡرِبِ وَلَٰكِنَّ ٱلۡبِرَّ مَنۡ ءَامَنَ بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ وَٱلۡمَلَٰٓئِكَةِ وَٱلۡكِتَٰبِ وَٱلنَّبِيِّـۧنَ...﴾

"Жакшылык жүзүңөрдү Чыгыш жана Батышка бурушуңар эмес. Бирок, жакшылык – Аллахка, Акырет күнүнө, периштелерге, китепке, пайгамбарларга ыйман келтирүү ...". (Бакара сүрөсү, 177-аят). Аллах Таала тагдыр жөнүндө мындай деген:

﴿إِنَّا كُلَّ شَيۡءٍ خَلَقۡنَٰهُ بِقَدَرٖ 49 وَمَآ أَمۡرُنَآ إِلَّا وَٰحِدَةٞ كَلَمۡحِۭ بِٱلۡبَصَرِ 50﴾

"Биз бардык нерсени тагдыр-өлчөм менен жаратканбыз".

"Биздин буйругубуз көз ирмем сыяктуу бир гана («Бол!» деген сөздөн турат)". (Камар сүрөсү, 49-50-аяттар).

Ал эми, сүннөткө келсек, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Жебирейил периште ыйман тууралуу сураганда ага жооп берип мындай деген:

«الْإِيمَانُ: أَنْ تُؤْمِنَ بِاللَّهِ، وَمَلَائِكَتِهِ، وَكُتُبِهِ، وَرُسُلِهِ، وَالْيَوْمِ الْآخِرِ، وَتُؤْمِنَ بِالْقَدَرِ: خَيْرِهِ وَشَرِّهِ».

«Ыйман - бул, сенин Аллахка, Анын периштелерине, Анын китептерине, Анын элчилерине, акырет күнүнө жана тагдырдын жакшы жана жаманына ишенүүң» (3).[1]

[1] (Муслим, 8. Абу Дауд, 4695)

# Аллахка ыйман келтирүү.

Аллах Таалага ыйман келтирүү төрт маселени өз ичине камтыйт:

Биринчиси: Аллах Тааланын бар экенине ыйман келтирүү:

Аллахтын бар экенин шарият жана адамдын таза табияты, акыл-эси, сезимдери далилдейт.

Таза табияттын далил болушу мындай, бардык макулуктар, аларга үйрөтүп, таалим берилбесе да Аллахтын бар экендигин билүү алардын жаратылышында бар. Демек, адам жаратылыштан ыймандуу болуп төрөлөт, бирок кийинки бузук таалимдер аны ыймандан буруп жиберет. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَا مِنْ مَوْلُودٍ إِلَّا يُولَدُ عَلَى الْفِطْرَةِ، فَأَبَوَاهُ يُهَوِّدَانِهِ أَوْ يُنَصِّرَانِهِ أَوْ يُمَجِّسَانِهِ».

«Ар бир төрөлгөн бала таза табият менен (фитратта) төрөлөт. Кийин аны ата-энеси

же яхудий, же христиан, же отпарас кылып тарбиялайт»[1].

2- Аллахтын бар экенине акыл-эстин далили мындайча, байыркы жана азыркы бардык макулуктардын бир жаратуучусу болот. Анткени, алар өзүн-өзү жаратпаган жана өзүнөн-өзү жаралбаган.

Эч бир нерсе өзүн-өзү жарата албайт, себеби ал жаралганга чейин жок болчу. Демек, ал жаратуучу боло албайт.

Кокусунан болушу да мүмкүн эмес; анткени ар бир окуянын анын сөзсүз пайда кылуучусу болот, анткени анын ушундай кереметтүү тартипте, бири-бирине шайкеш келген ырааттуулукта жаралышы, себептер менен натыйжалардын жана

---

[1] Бухари: "Жаназалар" китеби, "Бала Исламды кабыл алгандан кийин каза болсо, ага жаназа окулабы жана балага Ислам сунушталабы?" деген кичи бөлүмү, 1292; Муслим: "Тагдыр" китеби, "Ар бир наристе таза табиятта төрөлөт дегендин мааниси, жана каапырлар менен мусулмандардын балдарынын өлүмүнүн өкүмү" кичи бөлүмү, 2658.

макулуктардын бири-бири менен болгон тыгыз байланышта болушу, анын кокусунан пайда болуп калганын карандай четке кагат. Кокусунан пайда болгон нерсенин түпкү жаралышында эч кандай тартип жок болсо, анда ал кантип жашоосун улантып, өнүгүү учурунда тартиптүү болмок эле?!

Эгер макулуктар өзүн-өзү жаратпаса жана өзүнөн-өзү жаралбаса, демек аларды жараткан акылдуу, даанышман зат болушу керек. Ал ааламдардын Раббиси Аллах.

Аллах Таала бул акыл-эске таандык далилди «Тур» сүрөсүндө төмөндөгүчө баяндайт:

﴿أَمۡ خُلِقُواْ مِنۡ غَيۡرِ شَيۡءٍ أَمۡ هُمُ ٱلۡخَٰلِقُونَ 35﴾

"Же болбосо, алар эч нерсесиз (жаратуучусу жок эле) жаралып калышканбы? Же өздөрү жаратуучубу?!" (Тур сүрөсү, 35-аят). Мунун мааниси алар жаратуучусуз жаратылышпады. Өздөрүн-өздөрү да жаратпады. Ушундан улам алардын жаратуучусу Аллах экени анык болот.

Ушул себептен Жубайр бин Мутъим, (Аллах андан ыраазы болсун) Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) «Тур» сүрөсүн окуп, төмөнкү аятка жеткенде:

﴿أَمۡ خُلِقُواْ مِنۡ غَيۡرِ شَيۡءٍ أَمۡ هُمُ ٱلۡخَٰلِقُونَ 35 أَمۡ خَلَقُواْ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضَۚ بَل لَّا يُوقِنُونَ 36 أَمۡ عِندَهُمۡ خَزَآئِنُ رَبِّكَ أَمۡ هُمُ ٱلۡمُصَيۡطِرُونَ 37﴾

"Же болбосо, алар эч нерсесиз (жаратуучусу жок эле) жаралып калышканбы? Же өздөрү жаратуучубу?!"

"Же болбосо, асмандар менен жерди алар жаратышты беле? Жок! Алар ишенбейт".

"Же болбосо, Раббиңдин казына-мүлкү алардын колундабы? Же алар (ошол казына-мүлккө) кожоюнбу?!" (Тур сүрөсү, 35-37-аяттар).

Бул учурда Жубайр динге кире элек болчу, ал айтат: «Жүрөгүм кабынан чыгып

кетейин деди. Бул жүрөгүмө ыйман кирген абалкы көз ирмемдер болчу» (5).[1]

Муну түшүндүрүү үчүн бир мисал келтирели: эгерде сага бир адам аны бактар курчап, арасынан дарыялар агып, ичи ар кандай төшөктөр жана керебеттер менен толтурулуп, анын көркүнө көрк кошкон ар түрдүү жасалгалар менен кооздолгон бийик сарай жөнүндө айтып берсе, Ал сизге: «Бул заңгыраган сарай өзүн-өзү курган (же өзүнөн өзү курулуп калган)» десе, сиз анын сөздөрүн маанисиз, былжырак сөздөр экенин бетине эле айтасыз. Ушундан кийин, бул кең аалам: өзүнүн жери, асманы, планеталары жана укмуштуудай кынтыксыз тартиби менен, өзүн-өзү жараттыбы, же Жаратуучусуз кокустан эле пайда болуп калышы мүмкүнбү?!

3- Шарияттын Аллах Тааланын бар экендигине далили: бардык асмандан түшкөн ыйык китептер Анын бар экенин баяндайт, жана алардагы элдердин жашоо-турмушун оңдогон теңдешсиз өкүмдөр – ал

[1] Имам Бухари, "Ат-Тур" сүрөсү, 4854.

китептердин, Өз пенделеринин эмнеге муктаж экенин билген илимдүү жана Даанышман Рабби тарабынан келгенине далил болот. Ал алып келген жана болмуштун өзү алардын чындыгына күбө болгон ааламдык кабарлар – анын, Өзү кабар берген нерселерди пайда кылууга Кудуреттүү Раббиден экенине далил.

4- Аллахтын бар экенине сезимдерден келген далил эки тараптуу болот:

Биринчиси: биз дуба кылуучулардын дубалары кабыл болгонун жана кыйынчылыкка кабылгандарга жардам берилгенин угуп, көрүп жатабыз, бул Анын бар экенине кескин далил. Аллах Таала айткан:

﴿وَنُوحًا إِذۡ نَادَىٰ مِن قَبۡلُ فَٱسۡتَجَبۡنَا لَهُۥ...﴾

"Жана Нухту (эскер). Мурун ал (Бизге бийик добуш менен) дуба кылды эле, Биз аны кабыл алдык...". (Анбия сүрөсү, 76-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿إِذۡ تَسۡتَغِيثُونَ رَبَّكُمۡ فَٱسۡتَجَابَ لَكُمۡ...﴾

"Силер Раббиңерге жалбарып, дуба кылганда, Ал силерге жооп берет...". (Анфал сүрөсү, 9-аят).

Имам Бухарийдин «Сахих» китебинде Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деген:

«إنَّ أعرابيًّا دَخَلَ يَوْمَ الجُمُعَةِ -والنَّبِيُّ صلَّى اللَّهُ عليهِ وسلَّمَ يَخْطُبُ- فقالَ: يا رسُولَ اللَّهِ، هَلَكَ المَالُ، وجَاعَ العِيَالُ، فَادْعُ اللَّهَ لنَا؛ فَرَفَعَ يَدَيْهِ ودَعَا، فَثَارَ السَّحَابُ أمثَالَ الجِبَالِ، فَلَمْ يَنْزِلْ عَنْ مِنْبَرِهِ حتَّى رَأَيْتُ المَطَرَ يَتَحَادَرُ عَنْ لِحْيَتِهِ».

«Жума күнү Аллахтын элчиси кутпа окуп турган мезгилде бир бедуин араб кирип келди дагы: «Эй, Аллахтын элчиси, малдар кыйрап, бала-чака ачка калды. Аллахка дуба кыл» - деди. Аллахтын элчиси колун көтөрүп дуба кылды эле, тоо сыяктуу булуттар асманда заматта козголду. Аллахтын элчиси минбарда турган кезинде эле сакалынан ылдый жамгырдын тамчылап жатканын көрдүм»[1].

Келерки жума ошол бедуин же башка бирөө ордунан туруп: «Эй, Аллахтын

---

[1] Имам Бухари: Жума китеби, «Жума кутпасындагы истиска» кичи бөлүмү, 891-хадис.

элчиси, (жамгыр көп жаагандан улам) үйлөр урап, мал-жан өлүп жатат. Аллахка дуба кыл, бизден бул кыйынчылыкты көтөрсүн» - деди. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) колун көтөрүп, мындай деди:

«اللَّهُمَّ حَوَالَيْنَا وَلَا عَلَيْنَا»

«О, Аллах! Бизге эмес, айланабызга» Кайсы тарапка ишарат кылса, ошол тараптагы булут тарап кетти (7).[1]

Азыркы күнгө чейин Аллах Таалага ыклас, берилгендик менен жалбарып, дуба кылуу шарттарын толук аткарып дуба кылган адамдардын дубаларынын кабыл болгонун көрүп билип турабыз.

Экинчиден, пайгамбарлардын муъжиза деп аталган аят-белгилерин адамдар өз көздөрү менен көрүп, же кулактары менен угушкан. Мына ошол муъжизалар аларды жиберген Аллах Тааланын бар экенине

[1] Имам Бухари: «Жума» китеби, «Жума күнү хутбада истиска кылуу» кичи бөлүмү, 891-хадис; Имам Муслим: «Истиска намазы» китеби, «Истискада дуба кылуу» кичи бөлүмү, 897-хадис.

кескин далил болот. Анткени, алар инсандын күч-кудуретинен тышкаркы нерселер. Аларды Аллах Таала Өз элчилерин колдоо жана аларга жеңиш берүү үчүн ишке ашырат.

Маселен, Муса пайгамбардын аса таягы. Аллах Таала Мусага таягы менен деңизди урууну буюрду. Муса муну аткарды эле, деңизден он эки жол ачылып, араларында суулар тоо сыяктуу болуп бөлүнүп турду. Аллах Таала муну төмөнкүдөй баяндаган:

﴿فَأَوۡحَيۡنَآ إِلَىٰ مُوسَىٰٓ أَنِ ٱضۡرِب بِّعَصَاكَ ٱلۡبَحۡرَۖ فَٱنفَلَقَ فَكَانَ كُلُّ فِرۡقٖ كَٱلطَّوۡدِ ٱلۡعَظِيمِ 63﴾

"Анан Биз Мусага: «Таягың менен деңизди чап!» - деп вахий кылдык. (Буйрукту аткарганда) деңиз (он эки жол болуп) жарылды жана ар бир бөлүгү чоң тоо сыяктуу болуп калды". (Шуара сүрөсү, 63-аят).

Дагы бир мисал, Иса пайгамбардын Аллахтын уруксаты менен өлүк денелерди тирилтип, мүрзөлөрдөн чыгарган муъжизасы.

Аллах Таала (Иса Пайгамбардын тили менен) минтип айткан:

﴿...وَأُحۡيِ ٱلۡمَوۡتَىٰ بِإِذۡنِ ٱللَّهِۖ...﴾

"... өлүктөрдү тирилтем, Аллахтын уруксаты менен...". (Аалу Имран сүрөсү, 49-аят). Дагы мындай деп айткан:

﴿...وَإِذۡ تُخۡرِجُ ٱلۡمَوۡتَىٰ بِإِذۡنِيۖ...﴾

"...Менин уруксатым менен өлүктөрдү (тирилтип, мүрзөлөрүнөн) чыгаргансың...". (Маида сүрөсү, 110-аят).

Үчүнчү мисал: Меккедеги Курайш каапырларынын суроосу менен Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) колу менен айга ишарат кылганда айдын экиге бөлүнүү муъжизасы. Аны адамдар көрүшкөн. Бул тууралуу Аллах Таала минтип айткан:

﴿ٱقۡتَرَبَتِ ٱلسَّاعَةُ وَٱنشَقَّ ٱلۡقَمَرُ 1 وَإِن يَرَوۡاْ ءَايَةٗ يُعۡرِضُواْ وَيَقُولُواْ سِحۡرٞ مُّسۡتَمِرّٞ 2﴾

"Кыямат жакындашты жана Ай (экиге) бөлүндү. Эгерде алар бир белги көрүшсө, алар четке кагышат жана "бул

туруктуу сыйкыр" дешет". (Камар, 1-2-аяттар).

Көз менен көрүлгөн жана кулак менен угулган ушул муъжизаларды Аллах элчилерди колдоо, аларды жеңишке жеткирүү үчүн жасаган жана ушул нерселер да Аллахтын бар экенине далил болот.

Аллах Тааланын Рубубиятына ыйман келтирүү (б.а. Аллах Тааланы шериги, жардамчысы жок болгон Кожоюн деп ишенүү)

Рабб – бул жаратуу, падышалык жана буйрук Ага таандык болгон Зат. Аллахтан башка Жаратуучу жок, Андан башка падыша жок жана буйрук жалгыз Ага гана таандык. Аллах Таала айтты:

﴿...أَلَا لَهُ ٱلْخَلْقُ وَٱلْأَمْرُ...﴾

"... Уккула: жаратуу жана буюруу Өзүнө гана таандык...". (Аараф сүрөсү, 54-аят). Дагы мындай деп айткан:

﴿...ذَٰلِكُمُ ٱللَّهُ رَبُّكُمْ لَهُ ٱلْمُلْكُ وَٱلَّذِينَ تَدْعُونَ مِن دُونِهِۦ مَا يَمْلِكُونَ مِن قِطْمِيرٍ﴾

"... Ушул Аллах – Раббиңер. (Бардык) мүлк жеке Өзүнүн колунда. (Оо, мушриктер!) Андан башка силер дуба кылып жаткан «кудайларыңар» чел кабыктай нерсеге да ээ эмес". (Фатир сүрөсү, 13-аят).

Адамдардын ичинен Аллах Тааланын рубубиятын (жаратуучу жана башкарып туруучу экенин) эч ким четке каккан эмес. Четке какса да, алар Фараон сыяктуу, өз айтканына ишенбей, текеберликтен улам гана четке кагышкан. Фараон коомуна минтип айткан:

﴿فَقَالَ أَنَا۠ رَبُّكُمُ ٱلۡأَعۡلَىٰ 24﴾

«Мен силердин эң жогорку Раббиңер боломун» деди". (Наазиат сүрөсү, 24-аят). Дагы мындай деген:

﴿...يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡمَلَأُ مَا عَلِمۡتُ لَكُم مِّنۡ إِلَٰهٍ غَيۡرِي...﴾

"... эй, төбөлдөр! Мен силер үчүн Өзүмдөн башка кудай бар экенин билбеймин...". (Касас сүрөсү, 38-аят). Бирок бул бекем ишеним менен айтылган сөз эмес. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَجَحَدُواْ بِهَا وَٱسۡتَيۡقَنَتۡهَآ أَنفُسُهُمۡ ظُلۡمٗا وَعُلُوّٗاۚ...﴾

"Өздөрү (чындык экенин) билип турса да, зулумдук, текебердик менен четке кагып коюшту...". (Намл сүрөсү, 14-аят). Куранда баяндалган Муса пайгамбардын сөзүнө кулак салалы:

﴿...لَقَدۡ عَلِمۡتَ مَآ أَنزَلَ هَٰٓؤُلَآءِ إِلَّا رَبُّ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِ بَصَآئِرَ وَإِنِّي لَأَظُنُّكَ يَٰفِرۡعَوۡنُ مَثۡبُورٗا﴾

"(Сен мына бул (муъжиза)ларды асмандар жана жердин Раббиси (Аллах пенделерине Өз кудуретинен) көз көрүнөө белги кылып түшүргөнүн билип элс турасың. Демек, мен сени, эй, Фараон, кыйрагандардан болоорсуң деп айта аламын". (Исра сүрөсү, 102-аят). Ошондуктан мушриктер улухиятта Аллахка шерик кылуу менен бирге, Анын рубубиятын моюнга алышчу. Аллах Таала минтип айткан:

﴿قُل لِّمَنِ ٱلۡأَرۡضُ وَمَن فِيهَآ إِن كُنتُمۡ تَعۡلَمُونَ 84 سَيَقُولُونَ لِلَّهِۚ قُلۡ أَفَلَا تَذَكَّرُونَ 85 قُلۡ مَن رَّبُّ ٱلسَّمَٰوَٰتِ ٱلسَّبۡعِ وَرَبُّ ٱلۡعَرۡشِ ٱلۡعَظِيمِ 86 سَيَقُولُونَ لِلَّهِۚ قُلۡ أَفَلَا تَتَّقُونَ 87 قُلۡ مَنۢ بِيَدِهِۦ مَلَكُوتُ كُلِّ شَيۡءٖ وَهُوَ يُجِيرُ وَلَا يُجَارُ عَلَيۡهِ إِن كُنتُمۡ تَعۡلَمُونَ 88 سَيَقُولُونَ لِلَّهِۚ قُلۡ فَأَنَّىٰ تُسۡحَرُونَ 89﴾

"Айткын (о Мухаммад:) «Жер жана андагылар кимдики, айткылачы, эгер билсеңер?» Алар айтышат: «Аллахтыкы». Айткын: «Эмне үчүн эстебейсиңер?» Айткын: «Жети асмандын жана улуу Арштын Рабби ким?» Алар айтышат: «Аллахтыкы». Айткын: «Эмне үчүн коркпойсуңар?» Айткын: «Кимдин колунда бардык нерсенин падышачылыгы жана ал коргойт, бирок ага каршы эч ким коргой албайт, эгер билсеңер?» Алар айтышат: «Аллахтыкы». Айткын: «Эмне үчүн сыйкырланасыңар?» (Муминун, 84-89-аяттар).

Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿وَلَئِن سَأَلۡتَهُم مَّنۡ خَلَقَ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضَ لَيَقُولُنَّ خَلَقَهُنَّ ٱلۡعَزِيزُ ٱلۡعَلِيمُ 9﴾

"Эгер сен алардан «Асмандар менен жерди ким жараткан?» деп сурасаң, «Кудуреттүү, Илимдүү (Аллах) жараткан» дешет". (Зухруф сүрөсү, 9-аят).

Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿وَلَئِن سَأَلۡتَهُم مَّنۡ خَلَقَهُمۡ لَيَقُولُنَّ ٱللَّهُۖ فَأَنَّىٰ يُؤۡفَكُونَ 87﴾

"Эгер сен алардан: «Силерди ким жараткан?» – деп сурасаң, «Аллах», дешет. Дагы кайда баратасыңар?!" (Зухруф сүрөсү, 87-аят).

Аллахтын буйругу (өкүмдарлыгы) Жаратылышка кандай өтүмдүү болсо, инсаниятка да ошондой өтүмдүү. Аллах Өз даанышмандыгы менен жаратылыш иштерин кандай башкарса, инсаният жашоосун да ошондой эле башкаруу үчүн Өзү мыйзам-шарият түзүп берген. Ал Өзүнүн даанышмандыгы менен инсаниятка мамиле өкүмдөрүн жана ибадат эрежелерин түзүп берди. Ал эми, ким ибадатта же мамилелерде Аллахка башка эреже түзүп берүүчү өкүмдарды шерик кылса, ыйманы туура эмес ыйман, өзү Аллахка шерик кошкон болот.

Үчүнчүдөн: Аллах Тааланын улухиятына (жалгыз илах-кудай экенине) ыйман келтирүү. «Илах» деген сөздүн мааниси «сүйүү жана улуулоо менен сыйынылган Кудай» дегенди билдирет.

Аллах Таала айткан:

﴿وَإِلَٰهُكُمۡ إِلَٰهٞ وَٰحِدٞۖ لَّآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ ٱلرَّحۡمَٰنُ ٱلرَّحِيمُ 163﴾

"Силердин кудайыңар – жалгыз Кудай. Эч бир (сыйынууга татыктуу) кудай жок, жалгыз Ал – Ырайымдуу жана Мээримдүү (болгон Аллах) гана бар!" (Бакара сүрөсү, 163-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿شَهِدَ ٱللَّهُ أَنَّهُۥ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ وَٱلۡمَلَٰٓئِكَةُ وَأُوْلُواْ ٱلۡعِلۡمِ قَآئِمَۢا بِٱلۡقِسۡطِۚ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ ٱلۡعَزِيزُ ٱلۡحَكِيمُ 18﴾

«Аллах, Анын периштелери жана илимдүү адамдар андан (Аллахтан) башка сыйынууга татыктуу кудай жок экенине, (жана Аллах өз иштеринде) адилет менен Туруучу экенине күбөлүк беришти. Анын Өзүнөн башка сыйынууга татыктуу кудай жок. (Ал) - Кудуреттүү, Даанышман». (Аали Имран сүрөсү, 18-аят). Аллахтан башка, адамдар сыйынып жаткан бардык нерселердин сыйынылуучу экени жалган. Аллах Таала айткан:

﴿ذَٰلِكَ بِأَنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلۡحَقُّ وَأَنَّ مَا يَدۡعُونَ مِن دُونِهِۦ هُوَ ٱلۡبَٰطِلُ وَأَنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلۡعَلِيُّ ٱلۡكَبِيرُ 62﴾

"Анткени, Аллах – Ак. Андан башка (мушриктер) дуба кылып жаткан «кудайлар» - жалган. Чынында Аллах эң Бийик, эң Улук! (Хаж сүрөсү, 62-аят). Адамдар (адашуудан улам) сыйынып келген нерселерди илах деп атоо аларды чыныгы сыйынылуучу даражасына көтөрбөйт. Аллах Таала мушрик арабдар сыйынган Лат, Манат жана Узза деген буттардын ысымдары жөнүндө мындай деген:

﴿إِنْ هِيَ إِلَّآ أَسْمَآءٌ سَمَّيْتُمُوهَآ أَنتُمْ وَءَابَآؤُكُم مَّآ أَنزَلَ ٱللَّهُ بِهَا مِن سُلْطَٰنٍ...﴾

"Ал өзүңөр жана ата-бабаңар (оюнан чыгарып) атап алган ысымдардан башка эмес. Аллах аларга далил түшүрбөгөн". (Нажм сүрөсү, 23-аят).

Аллах Таала Худ пайгамбар тууралуу ал өз коомуна мындай деп кайрылганын айтат:

﴿...أَتُجَٰدِلُونَنِي فِيٓ أَسْمَآءٍ سَمَّيْتُمُوهَآ أَنتُمْ وَءَابَآؤُكُم مَّا نَزَّلَ ٱللَّهُ بِهَا مِن سُلْطَٰنٍ...﴾

"Кудай экенине Аллах эч бир далил түшүрбөгөн, силер жана ата-бабаңар ("кудай" деп) атап алган ысымдар

жөнүндө мени менен талашып жатасыңарбы?!" (Аараф сүрөсү, 71-аят).

Юсуф пайгамбар жөнүндө мындай деген:

﴿يَٰصَٰحِبَيِ ٱلسِّجۡنِ ءَأَرۡبَابٞ مُّتَفَرِّقُونَ خَيۡرٌ أَمِ ٱللَّهُ ٱلۡوَٰحِدُ ٱلۡقَهَّارُ مَا تَعۡبُدُونَ مِن دُونِهِۦٓ إِلَّآ أَسۡمَآءٗ سَمَّيۡتُمُوهَآ أَنتُمۡ وَءَابَآؤُكُم مَّآ أَنزَلَ ٱللَّهُ بِهَا مِن سُلۡطَٰنٍۚ...﴾

"О, менин зындандагы шериктерим! Бир нече бытыранды “кудайлар” жакшыбы, же жалгыз, Жеңүүчү Аллахпы? Силер Аны таштап, атаңар жана өзүңөр койгон ысымдардан башка нерселерге сыйынбайсыңар. Аллах аларга эч кандай далил түшүргөн эмес...". (Юсуф сүрөсү, 39-40-аяттар).

Мына ошондуктан бардык пайгамбарлар өз коомдоруна минтип даават кылган:

﴿...ٱعۡبُدُواْ ٱللَّهَ مَا لَكُم مِّنۡ إِلَٰهٍ غَيۡرُهُۥ...﴾

"Аллахка гана ибадат кылгыла! Силер үчүн Андан башка ибадат кылууга татыктуу кудай жок!" (Аараф сүрөсү, 59-аят). Мушриктер бул чакырууга ынабай, Аллахтан башка макулуктарды өздөрүнө сыйына турган кылып алып,

ошолорго сыйынышты жана алардан жардам сурашты.

Аллах алардын бул жоругун эки далил менен жокко чыгарган.

Биринчиси: Алардын кудай деп кабыл алышкан бул кудайларында эч кандай кудайлык касиеттер жок. Алар өздөрү жаралган, башканы жарата алышпайт. Өзүнө сыйынып жаткандарга эч бир пайда бере албайт, алардан кайсы бир зыянды тосо да албайт. Алар үчүн жашоого да, өлүмгө да ээлик кылышпайт. Алар жер-асмандагы эч бир нерсеге эгедер кожоюн да эмес, кожоюндукта шерик да эмес.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَٱتَّخَذُواْ مِن دُونِهِۦٓ ءَالِهَةً لَّا يَخۡلُقُونَ شَيۡـًٔا وَهُمۡ يُخۡلَقُونَ وَلَا يَمۡلِكُونَ لِأَنفُسِهِمۡ ضَرًّا وَلَا نَفۡعًا وَلَا يَمۡلِكُونَ مَوۡتًا وَلَا حَيَوٰةً وَلَا نُشُورًا 3﴾

"(Мушриктер болсо) Андан (Аллах Тааладан) башка, эч нерсени жарата албай турган, өздөрү жаратылган, өздөрүнө пайда дагы, зыян дагы жеткире албаган, не өлтүрүү, не тирилтүү, не (өлгөндөргө) кайра жан

берүү колунан келбей турган нерселерди кудай тутуп алышты!" (Фуркан сүрөсү, 3-аят).

Аллах Таала мындай деген:

﴿قُلِ ٱدۡعُواْ ٱلَّذِينَ زَعَمۡتُم مِّن دُونِ ٱللَّهِ لَا يَمۡلِكُونَ مِثۡقَالَ ذَرَّةٖ فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَلَا فِي ٱلۡأَرۡضِ وَمَا لَهُمۡ فِيهِمَا مِن شِرۡكٖ وَمَا لَهُۥ مِنۡهُم مِّن ظَهِيرٖ وَلَا تَنفَعُ ٱلشَّفَٰعَةُ عِندَهُۥٓ إِلَّا لِمَنۡ أَذِنَ لَهُۥ...﴾

"(О Мухаммад! Мушриктерге) айткын: «Аллахтан башка өзүңөр (кудай деп) ойлогон нерселериңерди чакыргылачы?! (Жок!) алар асмандардагы жана Жердеги кыпындай нерсеге да Ээ эмес! Алар үчүн асмандар менен Жерде (кыпындай) шериктик да жок жардамчылык да жок! (Бардыгын жалгыз Аллахтын Өзү жараткан). Анын алдында шапаат да пайда бербейт, Ал уруксат бергенден башкасына...". (Саба сүрөсү, 22-23-аяттар).

وقال تعالى: ﴿أَيُشۡرِكُونَ مَا لَا يَخۡلُقُ شَيۡـٔٗا وَهُمۡ يُخۡلَقُونَ 191
وَلَا يَسۡتَطِيعُونَ لَهُمۡ نَصۡرٗا وَلَآ أَنفُسَهُمۡ يَنصُرُونَ 192﴾

Аллах Таала дагы минтип айткан: «Эч нерсени жаратпаган, тескерисинче,

жаратылган нерселерди Аллахга шерик кылышабы?! Аларга жардам берүүгө да, өздөрүнө жардам берүүгө да күчү жетпейт». (Аараф, 191-192-аяттар).

Мушриктердин буттары, сыйынган нерселери ушундай абалда болгон соң, демек аларды кудай кылып алуу жеткен акылсыздык, болбогур жорук экен.

Экинчиси: Мушриктер Аллах Тааланын жалгыз Рабби, Жаратуучу экенин, бүт нерсенин падышалыгы Анын колунда экенин, Ал Өзү коргоп, бирок Ага каршы эч ким коргой албастыгын моюнга алышчу. Демек, алар Аллахты рубубиятта жалгыз деп тааныган сыяктуу, улухиятта да жалгыз деп таанышы зарыл болчу. Аллах Таала минтип айткан:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ ٱعۡبُدُواْ رَبَّكُمُ ٱلَّذِي خَلَقَكُمۡ وَٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِكُمۡ لَعَلَّكُمۡ تَتَّقُونَ 21 ٱلَّذِي جَعَلَ لَكُمُ ٱلۡأَرۡضَ فِرَٰشٗا وَٱلسَّمَآءَ بِنَآءٗ وَأَنزَلَ مِنَ ٱلسَّمَآءِ مَآءٗ فَأَخۡرَجَ بِهِۦ مِنَ ٱلثَّمَرَٰتِ رِزۡقٗا لَّكُمۡۖ فَلَا تَجۡعَلُواْ لِلَّهِ أَندَادٗا وَأَنتُمۡ تَعۡلَمُونَ 22﴾

"О адамдар! Силерди жана силерден алдыңкыларды жараткан Раббиңерге ибадат кылгыла, ошону менен

такыбалуу болорсуңар. Ал силер үчүн жерди төшөк, асманды курулуш кылды жана асмандан суу түшүрүп, анын менен силерге ырыскы катары мөмөлөрдү чыгарды. Андыктан, силер билип туруп, Аллахка теңдештерди жасабагыла". (Бакара сүрөсү, 21-22-аят).

Аллах Таала мындай деген:

﴿وَلَئِن سَأَلۡتَهُم مَّنۡ خَلَقَهُمۡ لَيَقُولُنَّ ٱللَّهُۖ فَأَنَّىٰ يُؤۡفَكُونَ 87﴾

"Эгер сен алардан: «Силерди ким жараткан?» – деп сурасаң, «Аллах», дешет. Дагы кайда баратасыңар?!" (Зухруф сүрөсү, 87-аят).

Аллах Таала мындай деген:

﴿قُلۡ مَن يَرۡزُقُكُم مِّنَ ٱلسَّمَآءِ وَٱلۡأَرۡضِ أَمَّن يَمۡلِكُ ٱلسَّمۡعَ
وَٱلۡأَبۡصَٰرَ وَمَن يُخۡرِجُ ٱلۡحَيَّ مِنَ ٱلۡمَيِّتِ وَيُخۡرِجُ ٱلۡمَيِّتَ مِنَ ٱلۡحَيِّ
وَمَن يُدَبِّرُ ٱلۡأَمۡرَۚ فَسَيَقُولُونَ ٱللَّهُۚ فَقُلۡ أَفَلَا تَتَّقُونَ 31 فَذَٰلِكُمُ ٱللَّهُ
رَبُّكُمُ ٱلۡحَقُّۖ فَمَاذَا بَعۡدَ ٱلۡحَقِّ إِلَّا ٱلضَّلَٰلُۖ فَأَنَّىٰ تُصۡرَفُونَ 32﴾

"(О Мухаммад, мушриктерге) айт: “Силерге асмандардан жана жерден ким ырыскы берет? Же болбосо, кулактардын, көздөрдүн ээси ким? (Ким ал экөөнү жаратып, угуу, көрүү касиетин

берди?) Ким өлүктөн тирүүнү, тирүүдөн өлүктү чыгара алат? (Ааламдагы) иштерди ким башкарат?” Алар дароо: “Аллах” – деп жооп беришет. Анда сен айткын: (Ошол Аллахтан) коркпойсуңарбы?” Ошол Аллах – силердин чыныгы Раббиңер. Чындыкка каршы адашуудан башка эмне бар? Анда кайда бурулуп жатасыңар?" (Юнус сүрөсү, 31-32-аяттар).

Төртүнчү: Аллах Тааланын ысым-сыпаттарына ыйман келтирүү.

Мунун мааниси: Аллах Тааланын Өз китебинде же пайгамбарынын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүннөтүндө Аллахка бекемдеген ысым-сыпаттарына, Ага гана ылайык болгон абалда, бурмалабастан, маанилерин жокко чыгарбастан, элестетпестен жана окшотпостон ыйман келтирүү. Аллах Таала айткан:

﴿وَلِلَّهِ ٱلۡأَسۡمَآءُ ٱلۡحُسۡنَىٰ فَٱدۡعُوهُ بِهَاۖ وَذَرُواْ ٱلَّذِينَ يُلۡحِدُونَ فِيٓ أَسۡمَٰٓئِهِۦۚ سَيُجۡزَوۡنَ مَا كَانُواْ يَعۡمَلُونَ 180﴾

"Аллахтын эң сонун ысымдары бар. Ага ошолор менен дуба кылгыла! Аллахтын ысымдарында (бузуктукка) оогон адамдарды таштагыла! Алар тез арада кылмышына жараша жазаланышат". (Аараф сүрөсү, 180-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿...وَلَهُ ٱلۡمَثَلُ ٱلۡأَعۡلَىٰ فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِۚ وَهُوَ ٱلۡعَزِيزُ ٱلۡحَكِيمُ﴾

"... асмандардагы жана жердеги эң жогорку сыпаттоолор Өзүнө гана таандык. Ал Кудуреттүү, Даанышман". (Рум сүрөсү, 27-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿...لَيۡسَ كَمِثۡلِهِۦ شَيۡءٞۖ وَهُوَ ٱلسَّمِيعُ ٱلۡبَصِيرُ﴾

"Эч нерсе окшобойт. Ал – Угуучу, Көрүүчү!" (Шура сүрөсү, 11-аят).

Ыймандын бул маселесинде эки тайпа адамдар адашып кетишкен.

Биринчи тайпа: Муьаттилалар «Аллахка ысым-сыпаттарды же алардын кээ бирлерин дайын кылуунун кереги жок. Эгер Аллахка (көрүү, угуу, кол, жүз

сыяктуу) ысым-сыпаттар дайын (исбат) кылынса, анда Аллахты башка макулуктарга окшотуу болуп калат» дешет. Бул ой бир канча тараптан туура эмес.

Биринчиден: Бул Аллах Тааланын сөздөрүндөгү карама-каршылык сыяктуу негизсиз жыйынтыктарга алып келет, анткени Аллах Таала Өзүнө ысым-сыпаттарды бекемдеп, Ага окшош нерсе бар экенин четке каккан. Эгерде ысым-сыпаттарды бекемдөө Ага окшоштукту талап кылса, анда Аллахтын сөзү өзүнө-өзү каршы келип, бирин экинчиси жалганга чыгармак.

Экинчи: Эки нерсенин ысымы же сыпатынын (сөздүктө) окшош келиши ал эки нерсенин өздөрүнүн окшош экенин билдирбейт. Маселен, эки адамга карасаңыз, экөө тең угат, көрөт, сүйлөйт. Бирок мунун мааниси алардын угуусу, көрүүсү, сүйлөөсү жана адамкерчилиги бир кыл дегенди түшүндүрбөйт.

Айбанаттардын колу, буту, көзү бар, бирок бул алардын колдору, буттары жана көздөрү оп-окшош дегени эмес.

Мына, макулуктарда ушунча айырма болгон соң, жаратуучу менен макулуктар арасында андан бийик, жогору айырма болушу анык.

Экинчи адашкан тайпа Мушаббихалар (окшотуучулар) Аллахтын ысым-сыпаттарын макулуктардын ысым-сыпаттарына окшотушту. Жана айтышты «Аллах пенделерим түшүнүшсүн деп, Куранда Өзүнүн ысым-сыпаттарын пенделеринин ысым-сыпаттарына оп-окшош кылып атады. Демек, (Куран айткан соң) Аллахтын ысым-сыпаттары пенденин ысым-сыпаттарына окшош болот» -дешти. Бул дагы өтө орой каталык.

Биринчи: Аллах Тааланын Өзү жараткан макулугуна окшош болушу акылга жана шариятка да туура келбеген ката пикир. Куран жана сүннөттүн тексттеринин мааниси батыл болушу мүмкүн эмес.

Экинчиси: Эгер Аллах Куранда Өзүнүн кээ бир ысым-сыпатын пенделердикине окшош сөздөр менен атаган болсо, бул сөздөгү гана окшоштук. Ал эми, негизги, түпкү маанисинде тап-такыр окшоштук жок, анын чыныгы абалы кандай экени кайып илиминде эч кимге кабар берилген эмес.

Маселен, Аллах Куранда Өзүнө «Самиь» (угуучу) деген ысым-сыпатты дайын (исбат) кылган болсо, бул Аллахтын угуусу пенденин угуусуна оп-окшош болот дегени эмес. Аллах кандай угат, мунун абалы бизге белгисиз. Угуу сезими макулуктарда деле өз ара айырмаланат (окшош болбойт). Ал эми Жаратуучу менен макулуктардын арасындагы айырма салыштыргыс болушу анык эмеспи.

Эгер Аллах Өзүнүн Аршка көтөрүлүүсү тууралуу баян кылган болсо, бул жерде «көтөрүлүү» сөзүнүн мааниси түшүнүктүү, бирок, кандай көтөрүлгөнү (түпкү мааниси) маалым эмес. Көтөрүлүүнүн кандайлыгы (айырмасы) макулуктардын арасында деле

окшош эмес. Кыймылсыз турган үстөлгө көтөрүлүү менен ойноктогон чарс төөнүн үстүндөгү ээрге көтөрүлүүнү эч салыштырып (окшотуп) болбойт. Мына, макулуктарда ушунча айырма болгон соң, жаратуучу менен макулуктар арасында андан бийик, жогору айырма болушу анык.

Жогоруда баяндагандай Аллахка ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар:

Биринчи: Жалгыз Аллахка сыйынууну (тавхидти) жакшы жана толук орундатып, киши Аллахтан башкадан үмүт кылбайт, коркпойт, Андан башкага сыйынбайт.

Экинчиси: Аллахты ысым-сыпаттары менен туура тааныган адамдын Аллахка болгон сүйүүсү жана урматтоосу көбөйөт.

Үчүнчүсү: Анын буйруктарын аткарып, кайтарган нерселеринен кайтып, таза-толук, кемчиликсиз ибадат кылуу.

*

# Периштелерге ыйман келтирүү.

Периштелер кайып (көрүнбөгөн) ааламы болуп, Аллахка ибадат кылуучу макулуктар. Аларда Аллахка гана тийиштүү болгон жаратуу, ырыскы берүү, ааламга кожоюндук кылуу, сыйынылууга татыктуу болуу сыпаттары жок. Бийик Аллах периштелерди нурдан жаратып, Өзү буюрган иштерди аткаруу үчүн аларга күч-кудурет берген. Аллах Таала айткан:

﴿...وَمَنْ عِندَهُۥ لَا يَسْتَكْبِرُونَ عَنْ عِبَادَتِهِۦ وَلَا يَسْتَحْسِرُونَ يُسَبِّحُونَ ٱلَّيْلَ وَٱلنَّهَارَ لَا يَفْتُرُونَ﴾

"Аллахтын алдындагылар (периштелер) Ага ибадат-кулчулук кылуудан текеберленишпейт жана чарчашпайт, түнү-күнү тынымсыз тасбих айтышат". (Анбия сүрөсү, 19-20-аяттар).

Периштелердин саны аябай көп. Санагын жалгыз гана Аллах билет. Имам Бухарий жана Имам Муслимдин «Сахих» китептеринде, Анас (Аллах андан ыраазы

болсун) риваят кылган хадисте, Аллахтын элчиси асманга көтөрүлгөн кечеде, ага «Байтул Маъмур» көрсөтүлгөн, ал жерде ар күнү жетимиш миң периште намаз окуйт жана ал периштелер ал жерден чыкканда, кайра кайтып кирүүгө кезек жетпейт.

Периштелерге ыйман келтирүү төрт маселени өз ичине алат:

Биринчи: Алардын бар экендигине ишенүү.

Экинчиси: Ысымдары бизге белгилүү болгондоруна аты менен ыйман келтирүү (мисалы: Жебирейил), ал эми ысымдары белгисиз болгондоруна жалпысынан ыйман келтирүү.

Үчүнчүсү: Периштелердин бизге билдирилген сыпаттарына ыйман келтирүү. Мисалы, Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Жебирейил периштени жаралган турпатында, алты жүз канаты менен мейкиндикти тосуп турганын көргөнүн кабарлаган.

Кээ бир учурда периштелер Аллахтын буйругу менен адам сүрөтүндө көрүнөт. Аллах Таала Жебирейилди Марямга жибергенде, ал ага кадыресе адам сүрөтүндө көрүнгөн. Ошондой эле, Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабалары менен отурганда, ага кийими аппак, чачы капкара, үстүндө сапардын белгиси жок жана сахабаларынын эч кимиси тааныбаган бир киши келген. Ал Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жанына отуруп, тизесин анын тизесине тийгизип, эки колун сандарынын үстүнө койуп, Пайгамбарыбыздан Ислам, Ыйман, Ихсан, Кыямат жана анын белгилери жөнүндө сураган. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага жооп берген соң, ал кетет. Андан кийин Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«هَذَا جِبْرِيلُ؛ أَتَاكُمْ يُعَلِّمُكُمْ دِينَكُمْ».

«Бул – Жебирейил периште болчу. Силерге диниңерди үйрөткөнү келген эле»[1].

Ошондой эле, Аллах Таала Ибрахим жана Лут пайгамбарга да адам сүрөтүндөгү периштелерди жиберген.

Төртүнчү: Аллахтын буйругу менен периштелердин аткарган иштерине ыйман келтирүү. Ал иштерден кээ бирлерин бизге билдирген. Маселен, периштелер күнү-түнү эч бир чарчап талыкпай Аллахтын буйругун аткарып, тасбих айтып ибадатта болушат.

Кээ бир периштелердин өзүнө гана тиешелүү милдеттери бар.

Маселен, Жебирейил алейхи салам Аллах менен пайгамбарлар арасында элчилик милдетин аткарып, пайгамбарларга кабар алып келген.

---

[1] Имам Муслим: "Ыйман китеби, Ыйман, Ислам, Ихсанды баяндоо жана Аллах Тааланын тагдырын тастыктоо менен ыйман келтирүүнүн важибдиги" кичи бөлүмү, 8.

Маселен, Микаил periште жамгыр менен өсүмдүктөргө өкүм кылат.

Исрафил периштесине Кыямат болордун астынан жана кайра тирилүүнүн астынан «Сур» деген кернейди тартуу милдети жүктөлгөн.

Өлүм периштеси өлүм убагында жандарды алууга өкүл кылынган.

Маалик деген периште тозокту көзөмөлдөйт.

Мисалы, энелердин курсагындагы түйүлдүккө өкүм кылынган периштелер бар. Түйүлдүк төрт айлык болгон кезинде, Аллахтын буйругу менен бир периште келип, баланын ырыскысы, ажалы, амал-иштери, бактылуу же бактысыз болушун жазат.

Адамдардын жасаган иштерин жазып, сактоого өкүл кылынган периштелер бар. Ар бир адам үчүн эки периште дайындалган, бири оң, экинчиси сол тарабында болот.

Адам кабырына коюлганда, аны суракка алуучу периштелер бар. Ага эки периште келип, анын Раббиси, дини жана пайгамбары жөнүндө сурашат.

Периштелерге ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар. Алардын кээ бири төмөнкүлөр:

Биринчиси: Аллахтын Улуулугун, кудурет –султандыгын билүү. Анткени, жаратылган заттын чоңдугу жаратуучунун улуулугун билгизет.

Экинчиси: Адамдарга кылган камкордугу үчүн Аллахка шүгүр кылуу. Анткени, Аллах инсандарга, аларды коргой турган, амал–иштерин жаза турган жана мындан башка пайдалары үчүн периштелерди дайындаган.

Үчүнчүсү: Аллахка ибадат кылгандыгы үчүн периштелерди жакшы көрүү.

Кээ бир адашкан коомдор периштелердин тело экенин жокко чыгарып: «периштелер – жаныбарлардын ичинде жашынган жакшылык күчү» - дешет. Бул пикир Ыйык Куранга,

пайгамбарыбыздын хадистерине жана ижъмага каршы келет.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿ٱلۡحَمۡدُ لِلَّهِ فَاطِرِ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِ جَاعِلِ ٱلۡمَلَٰٓئِكَةِ رُسُلًا أُوْلِيٓ أَجۡنِحَةٖ مَّثۡنَىٰ وَثُلَٰثَ وَرُبَٰعَۚ...﴾

"Бардык мактоо-даӊазалар асмандар жана жердин жаратуучусу Аллахка таандык. (Ал) периштелерди эки, үч, төрт канаттуу элчилер кылып жаратты...". (Фатир сүрөсү, 1-аят).

Аллах Таала мындай деген:

﴿وَلَوۡ تَرَىٰٓ إِذۡ يَتَوَفَّى ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ ٱلۡمَلَٰٓئِكَةُ يَضۡرِبُونَ وُجُوهَهُمۡ وَأَدۡبَٰرَهُم...﴾

"(О Мухаммад) Эгер сен, периштелер каапырларга беттерине, көчүктөрүнө чаап, өлтүрүп жатканын көрсөӊ эле!" (Анфал сүрөсү, 50-аят).

Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿...وَلَوۡ تَرَىٰٓ إِذِ ٱلظَّٰلِمُونَ فِي غَمَرَٰتِ ٱلۡمَوۡتِ وَٱلۡمَلَٰٓئِكَةُ بَاسِطُوٓاْ أَيۡدِيهِمۡ أَخۡرِجُوٓاْ أَنفُسَكُمُۖ...﴾

"...Сен ошол залымдардын өлүм алдында жаткан учурун жана периштелер аларга колун созуп :

“Жаныңарды чыгаргыла! ... дегенин бир көрсөң..." (Анаам сүрөсү, 93-аят).

Аллах Таала мындай деген:

﴿...حَتَّىٰٓ إِذَا فُزِّعَ عَن قُلُوبِهِمۡ قَالُواْ مَاذَا قَالَ رَبُّكُمۡۖ قَالُواْ ٱلۡحَقَّۖ وَهُوَ ٱلۡعَلِيُّ ٱلۡكَبِيرُ﴾

"Качан гана алардын (периштелердин) жүрөктөрүнөн коркунуч алынган соң, «Раббиңер эмне деди?» – дешет. «Акыйкатты (айтты)» – дешет алар. Жана Ал – эң Жогору, Улук!" (Саба сүрөсү, 23-аят).

Бейиш тургундары жөнүндө минтип айткан:

﴿...وَٱلۡمَلَٰٓئِكَةُ يَدۡخُلُونَ عَلَيۡهِم مِّن كُلِّ بَابٖ سَلَٰمٌ عَلَيۡكُم بِمَا صَبَرۡتُمۡۚ فَنِعۡمَ عُقۡبَى ٱلدَّارِ﴾

"Периштелер аларга ар кайсы эшиктерден кирип: «Силерге салам болсун, сабыр кылганыңар үчүн! Бул үйдүн сонун акыры!» (Раад сүрөсү, 23-24-аяттар).

Имам Бухарий «Сахих» китебинде Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун)

риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз мындай деген:

«إِذَا أَحَبَّ اللَّهُ الْعَبْدَ نَادَى جِبْرِيلَ: إِنَّ اللَّهَ يُحِبُّ فُلَانًا فَأَحْبِبْهُ، فَيُحِبُّهُ جِبْرِيلُ، فَيُنَادِي جِبْرِيلُ فِي أَهْلِ السَّمَاءِ: إِنَّ اللَّهَ يُحِبُّ فُلَانًا فَأَحِبُّوهُ، فَيُحِبُّهُ أَهْلُ السَّمَاءِ، ثُمَّ يُوضَعُ لَهُ الْقَبُولُ فِي الْأَرْضِ».

«Эгер Аллах пендени жакшы көрсө, Жебирейилге: «Аллах баланчаны жакшы көрдү, сен да аны жакшы көр» деп айтат, аны Жебирейил да жакшы көрөт. Анан Жебирейил асмандагыларга: «Аллах баланчаны жакшы көрөт, силер да аны жакшы көргүлө» деп айтат. Аны асмандагылар да жакшы көрөт, анан аны жерде да кабыл кылуууга түшүрөт»[1].

Ошол эле китепте дагы Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«إِذَا كَانَ يَوْمُ الْجُمُعَةِ كَانَ عَلَى كُلِّ بَابٍ مِنْ أَبْوَابِ الْمَسْجِدِ الْمَلَائِكَةُ يَكْتُبُونَ الْأَوَّلَ فَالْأَوَّلَ، فَإِذَا جَلَسَ الْإِمَامُ طَوَوْا الصُّحُفَ وَجَاءُوا يَسْتَمِعُونَ الذِّكْرَ».

[1] Имам Бухари, 3037. Имам Муслим, 2637.

«Жума күнүндө периштелер мечиттин бардык эшиктеринде туруп алып, намазга биринчи келгендерди жазып, каттап турушат. Имам (минбарга) отурган соң алар барактарды жаап, кутпаны угуу үчүн келишет»[1].

Мына ушул далилдер кээ бир адашкан адамдар айткандай периштелер моралдык (рухий гана) күч эмес. Телосу болгон реалдуу макулуктар экенин анык көргөзөт. Бул маселеге бардык мусулман аалымдары ушул далилдердин негизинде бир ооздон макул болушкан.

*

## Китептерге ыйман келтирүү.

Китептер - китеп сөзүнүн көптүк түрү, жазылган деген маанини туюнтат.

Бул жерде «китептер» деген сөздөн, Аллах Өз пайгамбарлары аркылуу, эки

---

[1] Имам Бухари, «Жума» китеби, «Хутбаны угуу» бөлүмү, 887; Имам Муслим, «Жума» китеби, «Жума күнү эрте баруунун пазилети» бөлүмү, 850.

дүйнөдө бактылуу өмүр сүрүүлөрү үчүн, пенделерине ырайым жана туура жол кылып жиберген китептери жөнүндө түшүнүк алынат.

Китептерге ыйман келтирүү төрт нерсени өз ичине алат:

Биринчиси: Алардын түшүрүлүүсү акыйкатта Аллах Тааладан экенине ыйман келтирүү.

Экинчиси: Алардын ичинен аты бизге белгилүү болгондоруна аты менен ыйман келтирүү: Мухаммад пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түшүрүлгөн Куран жана Муса алейхи саламга түшүрүлгөн Тоорат сыяктуу. Иса пайгамбарга түшүрүлгөн Инжилге. жана Даудга (ага Аллахтын саламы болсун) түшүрүлгөн Забурга, ал эми аты аталбагандарына жалпылай ыйман келтиребиз.

Үчүнчүсү: Курандагы бардык кабарларга ишенебиз. Ал эми, андан мурдагы китептердеги туура бурмаланбай, өзгөрүлбөй келген кабарларга гана ишенүү.

Төртүнчүсү: Анын бекер кылынбаган өкүмдөрүнө амал кылуу, сырын түшүнсөк да, түшүнбөсөк да ага ыраазы болуп, моюн сунуу. Абалкы китептердин баары Улуу Куран  аркылуу өкүмү жокко чыгарылган. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَأَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ مُصَدِّقٗا لِّمَا بَيۡنَ يَدَيۡهِ مِنَ ٱلۡكِتَٰبِ وَمُهَيۡمِنًا عَلَيۡهِۖ...﴾

«Биз сага да, өзүнөн мурдакы китептерди тастыктоочу жана алардыл(н баардык артыкчылыктарын) ичине камтыган китепти Акыйкаттык менен түшүрдүк...» (Маида сүрөсү, 48-аят). Башкача айтканда: өткөн китептердин үстүнөн өкүмдарлык кылуучу

Мына ушул аяттын өкүмү менен абалкы китептердин бардык өкүмдөрүнө амал кылуу токтотулган. Бир гана Куран өкүмдөрүнө дал келгендерине гана амал кылса болот.

Китептерге ыйман келтирүү төмөндөгүчө пайдаларды берет:

Биринчи: Бийик Аллахтын Өз пенделерине болгон камкордугун билүү.

Анткени, Аллах бардык элдерге туура жолду көргөзгөн китептерин түшүргөн.

Экинчиси: Аллахтын өкүмдөрүндөгү (шариятындагы) сырлары билинет. Анткени, Аллах ар бир элдин өз абал-шарттарына жараша шариаттарды жиберген. Аллах Таала минтип айткан:

﴿...لِكُلّٖ جَعَلۡنَا مِنكُمۡ شِرۡعَةٗ وَمِنۡهَاجٗاۚ...﴾

"Биз силердин баарыңар үчүн өз алдынча шарият жана жол-жөрөлгөлөрдү кылдык". (Маида сүрөсү, 48-аят).

Үчүнчүсү: Ошол нээмат үчүн Аллахка шүгүр кылуу.

*

## Пайгамбарларга ыйман келтирүү.

«Русул» расул сөзүнүн көптүк түрү. Расулдун мааниси «жиберилген» бир нерсени жеткирүү үчүн жиберилген дегенди билдирет.

Мындан максат: Расул деген бул - ага шарият жиберилип жана аны жеткирүүгө буйрулган инсан.

Расулдардын эң биринчиси Нух (ага Аллахтын тынчтыгы болсун), эң акыркысы Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун).

Аллах Таала минтип айткан:

﴿ إِنَّآ أَوۡحَيۡنَآ إِلَيۡكَ كَمَآ أَوۡحَيۡنَآ إِلَىٰ نُوحٖ وَٱلنَّبِيِّـۧنَ مِنۢ بَعۡدِهِۦ...﴾

"Биз Нухка жана андан кийинки пайгамбарларга аян-кабар түшүргөнүбүз сыяктуу сага да аян-кабар түшүрдүк...". (Ниса сүрөсү, 163-аят).

Имам Бухарийдин «Сахих» китебинде Анас Ибн Маликтен (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган шапаат жөнүндөгү хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун)мындай деген:

«ذُكِرَ أَنَّ النَّاسَ يَأْتُونَ إِلَى آدَمَ؛ لِيَشْفَعَ لَهُمْ، فَيَعْتَذِرُ إِلَيْهِمْ وَيَقُولُ: ائْتُوا نُوحًا أَوَّلَ رَسُولٍ بَعَثَهُ اللَّهُ» وذكر تمام الحديث.

«Адамдар шапаат (коргоочулук) кылышын суранып Адам (ата) алейхи саламга

келишет. Ал адамдарга бир себеп айтып: «Силер Аллах эң биринчи элчи кылып жиберген Нухка баргыла» -дейт[1].

Аллах Таала Куранда Мухаммад пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жөнүндө минтип айткан:

﴿مَّا كَانَ مُحَمَّدٌ أَبَآ أَحَدٍ مِّن رِّجَالِكُمۡ وَلَٰكِن رَّسُولَ ٱللَّهِ وَخَاتَمَ ٱلنَّبِيِّـۧنَۗ...﴾

"(О ыймандуулар!) Мухаммад силердин араңардагы эч бир эркектин атасы эмес. Ал болгону Аллахтын элчиси жана пайгамбарлардын акыркысы". (Ахзаб сүрөсү, 14-аят).

Аллах ар бир элге атайын, өз алдынча шарият же болбосо, абалкы пайгамбар алып келген шариятты толуктаган шарият менен Пайгамбар жиберип турган. Бул тууралуу Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَلَقَدۡ بَعَثۡنَا فِي كُلِّ أُمَّةٖ رَّسُولًا أَنِ ٱعۡبُدُواْ ٱللَّهَ وَٱجۡتَنِبُواْ ٱلطَّٰغُوتَۖ...﴾

"Биз ар бир элге «Аллахка гана ибадат кылгыла, (башка) “кудайлардан”

[1] Имам Бухари, 7410; Имам Муслим, 193.

алыс болгула (деп айта турган) пайгамбарларды жибергенбиз...". (Нахл сүрөсү, 36-аят).

Аллах Таала мындай деген:

﴿...وَإِن مِّنۡ أُمَّةٍ إِلَّا خَلَا فِيهَا نَذِيرٞ﴾

"(Тарыхтагы) бардык эл-үммөттүн ичинде бир эскертүүчү (пайгамбар) өткөн". (Фатир сүрөсү, 24-аят).

Аллах Таала мындай деген:

﴿إِنَّآ أَنزَلۡنَا ٱلتَّوۡرَىٰةَ فِيهَا هُدٗى وَنُورٞۚ يَحۡكُمُ بِهَا ٱلنَّبِيُّونَ ٱلَّذِينَ أَسۡلَمُواْ لِلَّذِينَ هَادُواْ...﴾

"Биз (Муса пайгамбарга) ичинде Нур жана туура жол болгон Тооратты түшүрдүк. Аны менен яхудилерге, Аллахка моюн сунган пайгамбарлар...". (Маида сүрөсү, 44-аят).

Пайгамбарлар да инсан болушат. Аларда Аллах Таалага тийиштүү болгон жаратуу, бүткүл ааламды башкаруу, ырыскы берүү, сыйынылуучу зат болуу сыпаттары жок. Анткени, Бийик Аллах Өзүнүн алдында эң урматтуу жана бардык пайгамбарлардын

улугу болгон Мухаммад жөнүндө мындай деген:

﴿قُل لَّآ أَمۡلِكُ لِنَفۡسِي نَفۡعٗا وَلَا ضَرًّا إِلَّا مَا شَآءَ ٱللَّهُۚ وَلَوۡ كُنتُ أَعۡلَمُ ٱلۡغَيۡبَ لَٱسۡتَكۡثَرۡتُ مِنَ ٱلۡخَيۡرِ وَمَا مَسَّنِيَ ٱلسُّوٓءُۚ إِنۡ أَنَا۠ إِلَّا نَذِيرٞ وَبَشِيرٞ لِّقَوۡمٖ يُؤۡمِنُونَ 188﴾

"Айткын: “Мен өзүмө Аллах каалагандан башка пайда да, зыян да жеткире албаймын. Эгер кайыпты билгенимде, (өзүмө) жакшылыктарды көбөйтүп алмакмын жана мага эч кандай жамандык болмок эмес. Мен болгону, ыймандуу адамдарды (азап) менен эскертүүчү жана (сооп-сыйлык) менен сүйүнтүүчү пайгамбармын". (Аараф сүрөсү, 188-аят). .

Аллах Таала мындай деген:

﴿قُلۡ إِنِّي لَآ أَمۡلِكُ لَكُمۡ ضَرّٗا وَلَا رَشَدٗا 21 قُلۡ إِنِّي لَن يُجِيرَنِي مِنَ ٱللَّهِ أَحَدٞ وَلَنۡ أَجِدَ مِن دُونِهِۦ مُلۡتَحَدًا 22﴾

"Айт: “Силерге зыян жеткирүү да, пайда келтирүү да менин колуман келбейт”. Айт: “Аллахтан мени эч ким коргой албайт жана мен Анын сыртында баш калкалоочу таба албайм”. (Жин сүрөсү, 21-22-аяттар).

Пайгамбарлар башка инсандар сыяктуу эле, жеп-ичет, бир нерсеге муктаж болот ооруйт жана өлөт. Төмөнкү аятта Ибрахим алейхис салам өз Раббисин кандай сыпаттаганын Аллах Таала мындай баяндаган:

﴿وَٱلَّذِي هُوَ يُطۡعِمُنِي وَيَسۡقِينِ 79 وَإِذَا مَرِضۡتُ فَهُوَ يَشۡفِينِ 80 وَٱلَّذِي يُمِيتُنِي ثُمَّ يُحۡيِينِ 81﴾

"Жана Ал мени жедирет жана ичирет. Жана качан ооруп калсам, Ал мени айыктырат. Жана Ал мени өлтүрөт, анан кайра тирилтет". (Шуара сүрөсү, 79-81-аяттар).

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«إِنَّمَا أَنَا بَشَرٌ مِثْلُكُمْ، أَنْسَى كَمَا تَنْسَوْنَ، فَإِذَا نَسِيتُ فَذَكِّرُونِي».

«Мен деле силер сыяктуу инсанмын жана силер сыяктуу эле унутамын. Эгер бир нерсени унутуп койсом, эскертип тургула»[1].

[1] Имам Бухари, 392. Имам Муслим, 572.

Аллах Таала пайгамбарларды «ибадатты толук аткарышат» деп сыпаттаган. Аллах Таала Нух пайгамбар жөнүндө минтип айткан:

﴿...إِنَّهُۥ كَانَ عَبۡدٗا شَكُورٗا﴾

"Чынында, ал абдан шүгүр кылуучу пенде болгон". (Исра сүрөсү, 3-аят). Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жөнүндө минтип айкан:

﴿تَبَارَكَ ٱلَّذِي نَزَّلَ ٱلۡفُرۡقَانَ عَلَىٰ عَبۡدِهِۦ لِيَكُونَ لِلۡعَٰلَمِينَ نَذِيرًا 1﴾

"Ааламдарга (инсан жана жин ааламына) эскертүүчү болсун деп, пендесине (Мухаммадга, чындык менен жалганды) Ажыратуучуну (Куранды) түшүргөн Аллах Улук-Берекеттүү!" (Фуркан сүрөсү, 1-аят).

Ибрахим, Исхак, Якуб (аларга Аллахтын саламы болсун) пайгамбарлар жөнүндө мындай деген:

﴿وَٱذۡكُرۡ عِبَٰدَنَآ إِبۡرَٰهِيمَ وَإِسۡحَٰقَ وَيَعۡقُوبَ أُوْلِي ٱلۡأَيۡدِي وَٱلۡأَبۡصَٰرِ 45 إِنَّآ أَخۡلَصۡنَٰهُم بِخَالِصَةٖ ذِكۡرَى ٱلدَّارِ 46 وَإِنَّهُمۡ عِندَنَا لَمِنَ ٱلۡمُصۡطَفَيۡنَ ٱلۡأَخۡيَارِ 47﴾

"Сен (о Мухаммад!) Биздин пенделерибиз, (дин ишинде) кайраттуу жана акылы зирек болгон Ибрахим, Исхак жана Яькубдарды да эстегин. Биз аларды акыретти эстөө менен таза кылдык. Алар Биздин алдыбызда тандалган жана жакшы адамдардан эле". (Сод сүрөсү, 45-47-аяттар).

Иса пайгамбар жөнүндө мындай деген:

﴿إِنْ هُوَ إِلَّا عَبْدٌ أَنْعَمْنَا عَلَيْهِ وَجَعَلْنَٰهُ مَثَلًا لِّبَنِيٓ إِسْرَٰٓءِيلَ 59﴾

"Ал (Иса) болгону Биз (пайгамбарчылыкты) жакшылык кылып берген кул(убуз). Биз аны Исраил урпактары үчүн (Өз кудуретибизден) мисал кылып (атасыз) жаратканбыз". (Зухруф сүрөсү, 59-аят).

Пайгамбарларга ыйман келтирүү төрт нерсени өз ичине алат:

Биринчиси: Алардын пайгамбарчылыгы Аллах тарабынан келген чындык экенине ыйман келтирүү, ким алардын бирөөсүнө гана ыйман келтирбесе, баарына ыйман келтирбеген (каапыр болгон) болот. Аллах Таала минтип айткан:

﴿كَذَّبَتۡ قَوۡمُ نُوحٍ ٱلۡمُرۡسَلِينَ 105﴾

"Нухтун коому дагы пайгамбарларды жалганчыга чыгарды". (Шуара сүрөсү, 105-аят). Алар аны «жалганчы» дешкен кезде андан башка пайгамбар болбосо да, Аллах аларды бардык пайгамбарларды жалганга чыгарган деп айткан. Ушул негизге таянып айтсак болот: Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарчылыгын жалган деген христиандар Исанын пайгамбарчылыгын да жалган деген жана ага ээрчибеген болушат. Анткени, Иса алейхи салам Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарлыгы жөнүндө алдын ала кабар берген болчу. Кабар берүүнүн мааниси: Мухаммад пайгамбар мурдагы жана келерки бардык кооомдорду адашуудан чыгарып, туура жолго баштоо үчүн аны Аллах Таала жибергендигин түшүндүрөт.

Экинчиси: Алардын арасынан бизге аты белгилүү болгондоруна ошол аты менен ыйман келтирүү. Мисалы: Мухаммад,

Ибрахим, Муса, Иса жана Нух (аларга Аллахтын тынчтыгы болсун). Бул бешөө – элчилердин арасындагы «улул-азм» сабырдуу пайгамбарлар. Аллах Таала аларды Курандын эки жеринде мындай деп эскерген:

﴿وَإِذۡ أَخَذۡنَا مِنَ ٱلنَّبِيِّـۧنَ مِيثَٰقَهُمۡ وَمِنكَ وَمِن نُّوحٖ وَإِبۡرَٰهِيمَ وَمُوسَىٰ وَعِيسَى ٱبۡنِ مَرۡيَمَۖ وَأَخَذۡنَا مِنۡهُم مِّيثَٰقًا غَلِيظٗا 7﴾

"Бир кезде Биз бардык пайгамбарлардан убадаларын алганбыз: Сенден, Нухтан, Ибрахимден, Мусадан, Марямдын уулу Исадан. Биз алардан бекем убада алганбыз". (Ахзаб сүрөсү, 7-аят). Дагы мындай деген:

﴿شَرَعَ لَكُم مِّنَ ٱلدِّينِ مَا وَصَّىٰ بِهِۦ نُوحٗا وَٱلَّذِيٓ أَوۡحَيۡنَآ إِلَيۡكَ وَمَا وَصَّيۡنَا بِهِۦٓ إِبۡرَٰهِيمَ وَمُوسَىٰ وَعِيسَىٰٓۖ أَنۡ أَقِيمُواْ ٱلدِّينَ وَلَا تَتَفَرَّقُواْ فِيهِۚ كَبُرَ عَلَى ٱلۡمُشۡرِكِينَ مَا تَدۡعُوهُمۡ إِلَيۡهِۚ ٱللَّهُ يَجۡتَبِيٓ إِلَيۡهِ مَن يَشَآءُ وَيَهۡدِيٓ إِلَيۡهِ مَن يُنِيبُ 13﴾

"Ал силерге Нухка осуят кылган динди Шарият кылып берди. Биз сага вахий кылган динди(н дал өзүн) Ибрахимге, Мусага жана Исага: «Динди толук тургузгула (аткаргыла) жана анда

бөлүнүп кетпегиле» – деп вахий кылганбыз. Силер даават кылган нерсе (тавхид ишеними) мушриктерге оор келди. Аллах ал нерсеге Өзү каалаган пендесин тандап, (Өзүнө) умтулган пендесин ага жолдойт". (Шура сүрөсү, 13-аят).

Ал эми, ысымы маалым болбогон пайгамбарларга жалпысынан ыйман келтиребиз. Аллах Таала Мухаммад пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кайрылып мындай деген:

﴿وَلَقَدۡ أَرۡسَلۡنَا رُسُلٗا مِّن قَبۡلِكَ مِنۡهُم مَّن قَصَصۡنَا عَلَيۡكَ وَمِنۡهُم مَّن لَّمۡ نَقۡصُصۡ عَلَيۡكَۗ...﴾

"Биз сага чейин (көп) пайгамбарларды жибердик. Алардын арасынан сага (Куранда) баяндап бергенибиз да бар, баян кылып бербегенибиз да бар...". (Гафир сүрөсү, 78-аят).

Үчүнчүсү: Пайгамбарлардан риваят кылынган, ишеничтүү жол менен келген кабарларды тастыктоо.

Төртүнчүсү: Бүткүл адамзатка жөнөтүлгөн эң акыркы пайгамбар Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алып келген ислам шарияты менен жашап, амал кылуу. Аллах Таала айткан:

﴿فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤۡمِنُونَ حَتَّىٰ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيۡنَهُمۡ ثُمَّ لَا يَجِدُواْ فِيٓ أَنفُسِهِمۡ حَرَجٗا مِّمَّا قَضَيۡتَ وَيُسَلِّمُواْ تَسۡلِيمٗا 65﴾

«Жок, Раббиңе ант, (Оо Мухаммад) алар өз ара талаш-тартышууларына сени өкүмдар кылмайынча жана сенин өкүмүңө, жүрөктөрүндө наразылык калбай, толук моюн сунмайынча (толук) ыймандуу боло алышпайт». (Ниса сүрөсү, 65-аят).

Пайгамбарларга ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар. Алардын кээ бирлери төмөнкүлөр:

Биринчи: Аллах Тааланын Өз пенделерине болгон ырайымын жана камкордугун билүү. Анткени, пайгамбарлар адамдарды Аллахтын Туура Жолуна багыттоо жана Ага ибадат кылууну үйрөтүү үчүн пайгамбарларды жиберген.

Ансыз адам акылы бул нерселерди биле албайт болчу.

Экинчи: Аллахтын ушул чоң нээматына шүгүрчүлүк келтирүү.

Үчүнчү: Пайгамбарларды сүйүү жана аларды ылайык болгон даражада урматтоо жана мактоо. Себеби, алар Аллахка ибадат кылышты, Анын динин элдерге жеткирип, насаат айтышты.

«Пайгамбарлар инсан насилинен эмес» деп күмөн кылган кежир адамдар, өз пайгамбарын жалганчыга чыгарышкан. Аллах Таала бул дооматты эскерип, аны төмөнкү Сөзү менен жокко чыгарган:

﴿وَمَا مَنَعَ ٱلنَّاسَ أَن يُؤۡمِنُوٓاْ إِذۡ جَآءَهُمُ ٱلۡهُدَىٰٓ إِلَّآ أَن قَالُوٓاْ أَبَعَثَ
ٱللَّهُ بَشَرٗا رَّسُولٗا 94 قُل لَّوۡ كَانَ فِي ٱلۡأَرۡضِ مَلَٰٓئِكَةٞ يَمۡشُونَ
مُطۡمَئِنِّينَ لَنَزَّلۡنَا عَلَيۡهِم مِّنَ ٱلسَّمَآءِ مَلَكٗا رَّسُولٗا 95﴾

«Аларга Хидаят (туура жол) келгенде, адамдардын ыйман келтиришине «Аллах адамды пайгамбар кылып жиберет бекен?!» деген сөздөрү гана тоскоол болду. Эгерде жер бетинде бейкапар басып жүргөн периштелер болгондо, аларга

асмандан периште пайгамбар жиберген болот элек». (Исра сүрөсү, 94-95-аяттар).

Алардын "элчи периште болушу керек" деген ойлорун Аллах жокко чыгарды. Анткени элчи жиберилип жаткан коом жердегилер, тагыраагы, адамдар, аларга жиберилген элчи да адам болуусу керек. А эгер жерде периштелер жашаганда, анда Аллах аларга элчи кылып периштелерди жибермек. Ошондой эле Аллах Таала пайгамбарларды жалганга чыгаруучулар жөнүндө баяндап, мындай деген:

﴿...إِنْ أَنتُمْ إِلَّا بَشَرٌ مِّثْلُنَا تُرِيدُونَ أَن تَصُدُّونَا عَمَّا كَانَ يَعْبُدُ
ءَابَآؤُنَا فَأْتُونَا بِسُلْطَٰنٍ مُّبِينٍ قَالَتْ لَهُمْ رُسُلُهُمْ إِن نَّحْنُ إِلَّا بَشَرٌ
مِّثْلُكُمْ وَلَٰكِنَّ ٱللَّهَ يَمُنُّ عَلَىٰ مَن يَشَآءُ مِنْ عِبَادِهِۦ وَمَا كَانَ لَنَآ أَن
نَّأْتِيَكُم بِسُلْطَٰنٍ إِلَّا بِإِذْنِ ٱللَّهِ...﴾

"(Алар): «Силер пайгамбар эмес, биз сыяктуу эле (жөнөкөй) адамсыңар. (Дагы) бизди ата-бабаларыбыз сыйынып келген нерселерден тосууну каалап жатасыңар! (Эгер сөзүңөр чын болсо) бизге анык далилдерди (моожизаларды) келтиргиле!» - дегенде, пайгамбарлары аларга: «Биз

да силер сыяктуу эле (жөнөкөй) адамбыз, бирок Аллах Өзүнүн кулдарынан каалаганына ырайым кылат. Биз силерге анык далилдерди (моожизаларды) Аллахтын уруксатысыз алып келүүчү эмеспиз". (Ибрахим сүрөсү, 10-11-аяттар).

*

## Акырет күнүнө ыйман келтирүү.

Акырет – адамдардын бул дүйнөдөгү жашоосуна эсеп берүүлөрү жана жаза (азап же ырахат) алуулары үчүн кайра тириле турган кыямат күндүн аталышы.

Акырет (акыркы күн) деп аталып калуусунун себеби, ал күн - бул дүйнө күндөрүнүн акыркысы болот. Ал күнү Бейиш тургундары Бейиштен, Тозокко ылайык болгондор Тозоктон орун алышат.

Акыретке ыйман келтирүү үч маселени өз ичине алат:

Биринчиси: Кайра тирилүүгө ишенүү: Бул – өлгөндөрдүн кайра тирилүүсү.

Исраил периште «Сур» деп аталган кернейди экинчи жолу тартканда, адамдар ааламдардын Раббисинин алдында жылаңайлак, жылаңач жана сүннөткө отургузулбаган абалда чогулушат. Аллах Таала айткан:

﴿...كَمَا بَدَأۡنَآ أَوَّلَ خَلۡقٖ نُّعِيدُهُۥۚ وَعۡدًا عَلَيۡنَآۚ إِنَّا كُنَّا فَٰعِلِينَ﴾

«(Калк-калайыкты) абалкы жолу жараткан калыбына кайтарабыз. Бул (кайра жаратуу) Биздин милдетибиздеги убада. Биз аны аткарабыз». (Анбия сүрөсү, 104-аят).

Кайра тирилүү анык чындык. Ал Куран, Сүннөт жана жалпы мусулмандардын бир оздон макулдугу менен далилденген.

Аллах Таала айткан:

﴿ثُمَّ إِنَّكُم بَعۡدَ ذَٰلِكَ لَمَيِّتُونَ 15 ثُمَّ إِنَّكُمۡ يَوۡمَ ٱلۡقِيَٰمَةِ تُبۡعَثُونَ 16﴾

"Кийин ушундан соң силер (туулуп, жер бетинде жашап, дагы) өлөсүңөр. Анан Кыямат күнү кайра тирилтилесиңер". (Муминун сүрөсү, 15-16-аяттар).

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты:

«يُحْشَرُ النَّاسُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ حُفَاةً عُرَاةً غُرْلًا».

«Адамдар кыямат күнүндө жыланайлак, жылаңач, энеден төрөлгөндөй (сүннөткө отургузулбаган) абалда чогулушат»[1]. Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Мусулмандар кайра тирилүүнүн чындык экенине бир пикирде. Кайра тирилүү Аллахтын даанышмандыгынын талабы: Аллах Таала Өзүнүн жараткан инсандарына пайгамбарларды жиберип, аларды кээ бир ибадаттарга буюрган болчу. Эми ошол ибадаттарды кандай деңгээлде аткарганына жооп берүү үчүн, аткаргандарына соопсыйлык, аткарбагандарына жазаларын алуусу үчүн Аллахтын алдына кайтуулары зарыл. Аллах Таала айткан:

﴿أَفَحَسِبْتُمْ أَنَّمَا خَلَقْنَٰكُمْ عَبَثًا وَأَنَّكُمْ إِلَيْنَا لَا تُرْجَعُونَ 115﴾

[1] Имам Муслим, «Бейиш, анын нээматтары жана ээлеринин сыпаты» китеби, «Дүйнөнүн жок болушу жана Кыямат күнүндөгү жыйылуунун баяны» бөлүмү, 2859.

«Оюңарда Биз силерди максатсыз (жөн эле) жаратыптырбызбы жана Бизге (сурак бергени) кайтып келбейт бекенсиңер?». (Муминун сүрөсү, 115-аят). Аллах Таала пайгамбарына (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

﴿إِنَّ ٱلَّذِي فَرَضَ عَلَيۡكَ ٱلۡقُرۡءَانَ لَرَآدُّكَ إِلَىٰ مَعَادٖۚ...﴾

"(О Мухаммад!) Чынында, сага Куранды түшүрүп, (аны жеткирүүнү, буйруктарын аткарууну парз кылган Зат сени эч шексиз кайтчу жерге (дүйнөдө Меккеге жеңиш менен, акыретте бейишке) кайтарат". (Касас сүрөсү, 85-аят).

Экинчи: Эсеп жана жазага ишенүү. Пенде өзү жасаган бардык иштери үчүн эсеп берип, сыйлыгын же жазасын алат. Буга Курандан, Сүннөттөн жана Ижмаадан (мусулмандардын каршылыксыз макулдугунан) далилдер бар.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿إِنَّ إِلَيۡنَآ إِيَابَهُمۡ 25 ثُمَّ إِنَّ عَلَيۡنَا حِسَابَهُم 26﴾

"Чынында алар (өлгөндөн соң) Бизге кайтышат. Анан алардын эсебин алуу Бизге таандык". (Гашия сүрөсү, 25-26-аяттар). Аллах Таала мындай деген:

﴿مَن جَآءَ بِٱلۡحَسَنَةِ فَلَهُۥ عَشۡرُ أَمۡثَالِهَاۖ وَمَن جَآءَ بِٱلسَّيِّئَةِ فَلَا يُجۡزَىٰٓ إِلَّا مِثۡلَهَا وَهُمۡ لَا يُظۡلَمُونَ 160﴾

"Ким (Акыретке) бир жакшылык алып келсе, ага (керминде) он эсе көбөйтүп берилет. Ал эми, ким бир жамандык алып келсе, ошол жамандыгына барабар (бир) гана жаза берилет. Аларга эч зулумдук кылынбайт". (Анаам сүрөсү, 160-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَنَضَعُ ٱلۡمَوَٰزِينَ ٱلۡقِسۡطَ لِيَوۡمِ ٱلۡقِيَٰمَةِ فَلَا تُظۡلَمُ نَفۡسٞ شَيۡـٔٗاۖ وَإِن كَانَ مِثۡقَالَ حَبَّةٖ مِّنۡ خَرۡدَلٍ أَتَيۡنَا بِهَاۗ وَكَفَىٰ بِنَا حَٰسِبِينَ 47﴾

«Биз кыямат күн үчүн адилет таразаларды орнотобуз. Эч бир жан(га) зулумдук кылынбайт. (Сообунан кемитилбейт). Эгер (сообу же күнөөсү) сары кычы данынчалык болсо да, аны алып келебиз. Биз жетиштүү эсепчибиз». (Анбия сүрөсү, 47-аят).

Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«إِنَّ اللَّهَ يُدْنِي الْمُؤْمِنَ، فَيَضَعُ عَلَيْهِ كَنَفَهُ - أَيْ سَتْرَهُ - وَيَسْتُرُهُ: فَيَقُولُ: أَتَعْرِفُ ذَنْبَ كَذَا؟ أَتَعْرِفُ ذَنْبَ كَذَا؟ فَيَقُولُ: نَعَمْ أَيْ رَبِّ، حَتَّى إِذَا قَرَّرَهُ بِذُنُوبِهِ، وَرَأَى فِي نَفْسِهِ أَنَّهُ هَلَكَ قَالَ: سَتَرْتُهَا عَلَيْكَ فِي الدُّنْيَا وَأَنَا أَغْفِرُهَا لَكَ الْيَوْمَ، فَيُعْطَى كِتَابَ حَسَنَاتِهِ، وَأَمَّا الْكُفَّارُ وَالْمُنَافِقُونَ فَيُنَادَى بِهِمْ عَلَى رُؤُوسِ الْخَلَائِقِ: هَؤُلَاءِ الَّذِينَ كَذَبُوا عَلَى رَبِّهِمْ، أَلَا لَعْنَةُ اللَّهِ عَلَى الظَّالِمِينَ»

«Аллах ыймандуу кишини Өзүнө жакындаштырып, аны Өз коргоосуна алып, жашырат да: Баландай, түкүндөй күнөөлөрүңдү билесиңби?» - деп сурайт. Пенде: «Ооба, эй Раббим» - деп жооп берет. (Ошентип) Аллах аны бардык күнөөлөрүн мойнуна алдыртып, пенде «эми өлдүм» деп калганда, Аллах: «Мен сенин (бул) күнөөлөрүңдү дүйнөдө жашырган болчумун. Бүгүн сен үчүн аларды кечиремин» - дейт. Анан пендеге жакшылык баракчасы берилет. Ал эми, каапыр жана мунафыктарды (эки жүздүүлөрдү) бардык калайыктын алдында ашкере кылып: «Мына булар Раббилерине

жалган сүйлөшкөн. Билип койгула, Залимдерге Аллахтын наалаты болот!» деп айтылат»[1] Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Пайгамбар айткан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ишенимдүү хадисте айтылат:

«أَنَّ مَنْ هَمَّ بِحَسَنَةٍ فَعَمِلَهَا؛ كَتَبَهَا اللَّهُ عِنْدَهُ عَشْرَ حَسَنَاتٍ إِلَى سَبْعِ مِئَةِ ضِعْفٍ إِلَى أَضْعَافٍ كَثِيرَةٍ، وَأَنَّ مَنْ هَمَّ بِسَيِّئَةٍ فَعَمِلَهَا؛ كَتَبَهَا اللَّهُ سَيِّئَةً وَاحِدَةً».

«Ким жакшылыкты ниет кылып, аны аткарса, Аллах Өзүндө ага он эседен жети жүз эсеге чейин, бир канча эселетип жазат. Ал эми ким жамандыкты ниет кылып, аны аткарса, Аллах ага бир гана жамандык жазат»[2].

---

[1] Имам Бухари, «Зулумдуктар» китеби, «Аллах Тааланын: "Көңүл бургула, Аллахтын каргышы заалымдарга болсун!" – деген сөзү» кичи бөлүмү, 2309; Имам Муслим, «Тообо» китеби, «Канча көп адам өлтүрсө дагы, киши өлтүргөн адамдын тообосунун кабыл болушу» кичи бөлүмү, 2768.

[2] Муслим: «Ыйман» китеби, «Пенде жакшылыкты ниет кылса жазылат, жамандыкты ниет кылса жазылбайт» кичи бөлүмү, 131-хадис.

Чынында, мусулмандар эсеп-кысаптын болоруна жана амалына жараша жаза аларына баары бир ооздон келишишкен. Бул даанышмандуулукка ылайык келет: Анткени, Аллах китептерди түшүрдү, элчилерди жиберди, пенделерге элчилер алып келген динди кабыл кылууну, аткарууга буйрулгандарын аткарууну буйруду. Мындан баш тарткандарга каршы турууну важиб кылды. Алардын каны-жанын, урпактарын, аялдарын жана мал-мүлкүн адал кылды. Эгерде эсеп-кысап, жаза же сыйлык болбогондо, бул таптакыр акылга сыйбаган нерсе болмок, Даанышман Аллах мындайдан Аруу. Бул тууралуу Аллах Таала минтип айткан:

﴿فَلَنَسۡـَٔلَنَّ ٱلَّذِينَ أُرۡسِلَ إِلَيۡهِمۡ وَلَنَسۡـَٔلَنَّ ٱلۡمُرۡسَلِينَ 6 فَلَنَقُصَّنَّ
عَلَيۡهِم بِعِلۡمٖۖ وَمَا كُنَّا غَآئِبِينَ 7﴾

"Биз албетте, пайгамбарлар жиберилген (эл)дерди да, пайгамбарлардын өзүн да суракка тартабыз. Биз аларга билим менен баян кылабыз. Биз эч качан жок болгон эмеспиз". (Аараф сүрөсү, 6-7 аяттар).

Үчүнчү: Бейиш жана Тозокко ишенүү, бул экөө калайыктын келечектеги түбөлүктүү орду болуп эсептелет.

Бейиш – Аллах Таала ыйман келтирүүнү парз кылган нерселерге ишенип, Аллахка ыклас кылып, Анын пайгамбарын ээрчип, Ага жана Анын пайгамбарына таат-ибадат кылган такыба ыймандуу пенделери үчүн даярдап койгон ырахаттуу жай. Анда нээмат-жакшылыктардын түрлөрү бар.

«مَا لَا عَيْنٌ رَأَتْ، وَلَا أُذُنٌ سَمِعَتْ، وَلَا خَطَرَ عَلَى قَلْبِ بَشَرٍ»،

«Адам баласынын көзү көрбөгөн, кулагы укпаган, оюна келбеген»[1], Аллах Таала минтип айткан:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ أُوْلَٰٓئِكَ هُمۡ خَيۡرُ ٱلۡبَرِيَّةِ 7
جَزَآؤُهُمۡ عِندَ رَبِّهِمۡ جَنَّٰتُ عَدۡنٖ تَجۡرِي مِن تَحۡتِهَا ٱلۡأَنۡهَٰرُ خَٰلِدِينَ
فِيهَآ أَبَدٗاۖ رَّضِيَ ٱللَّهُ عَنۡهُمۡ وَرَضُواْ عَنۡهُۚ ذَٰلِكَ لِمَنۡ خَشِيَ رَبَّهُۥ 8﴾

[1] Бухари, Тафсир китеби, «Эч бир (ыймандуу) жан, жасаган (жакшы) иштери үчүн сыйлык катары (бейиште) жашыруун даярдап коюлган, көздөрүн кубантуучу кандай гана нерселер бар экенин билбейт» деген аят тууралуу кичи бөлүм, 4501; Муслим, "Бейиш, анын нээматтарынын жана элинин сыпаты китеби", 2824.

"Ал эми ыйман келтирип, салих амалдарды жасаган адамдар... алар – жаратылгандардын эң жакшысы. Алардын сыйлыгы Раббилеринин алдында, түбөлүккө калуучу, астынан дарыялар агып турган Адн бейиштери. Аллах алардан ыраазы болду жана алар да Андан ыраазы болушту. Бул – Раббисинен корккон адам үчүн". (Баййина сүрөсү, 7-8-аяттар). Аллах Таала мындай деген:

﴿فَلَا تَعۡلَمُ نَفۡسٞ مَّآ أُخۡفِيَ لَهُم مِّن قُرَّةِ أَعۡيُنٖ جَزَآءَۢ بِمَا كَانُواْ يَعۡمَلُونَ 17﴾

"Эч бир (ыймандуу) жан, жасаган (жакшы) иштери үчүн сыйлык катары (бейиште) жашыруун даярдап коюлган, көздөрүн кубантуучу кандай гана нерселер бар экенин билбейт". (Сажда сүрөсү, 17-аят).

Ал эми, Тозок Аллахка ыйман келтирбеген жана Анын элчилерине каршы чыккан адамдар үчүн Аллах Таала даярдап койгон, инсандын оюна келбеген ар түрлүү

азаптар бериле турган жайдын аталышы. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَٱتَّقُواْ ٱلنَّارَ ٱلَّتِيٓ أُعِدَّتۡ لِلۡكَٰفِرِينَ 131﴾

"Жана каапырлар үчүн даярдап коюлган тозоктон корккула!" (Аалу Имран сүрөсү, 131-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَقُلِ ٱلۡحَقُّ مِن رَّبِّكُمۡۖ فَمَن شَآءَ فَلۡيُؤۡمِن وَمَن شَآءَ فَلۡيَكۡفُرۡۚ إِنَّآ أَعۡتَدۡنَا لِلظَّٰلِمِينَ نَارًا أَحَاطَ بِهِمۡ سُرَادِقُهَاۚ وَإِن يَسۡتَغِيثُواْ يُغَاثُواْ بِمَآءٖ كَٱلۡمُهۡلِ يَشۡوِي ٱلۡوُجُوهَۚ بِئۡسَ ٱلشَّرَابُ وَسَآءَتۡ مُرۡتَفَقًا 29﴾

"Айт: «(Мен алып келген Дин) Раббиңер тарабынан келген Акыйкат. Эми, ким кааласа – момун болсун, ким кааласа – каапыр болсун! Биз залымдарга жалын-дубалдары аларды курчап ала турган тозокту даярдап койдук! Эгер суусап, суу сурашса, эриген коргошун сыяктуу, (табы) жүздөрдү куйкалап жиберчү суу ичирилет! Кандай жаман «суусундук», кандай жаман орун!» (Кахф сүрөсү, 29-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ لَعَنَ ٱلۡكَٰفِرِينَ وَأَعَدَّ لَهُمۡ سَعِيرًا 64 خَٰلِدِينَ فِيهَآ أَبَدٗاۖ لَّا
يَجِدُونَ وَلِيّٗا وَلَا نَصِيرٗا 65 يَوۡمَ تُقَلَّبُ وُجُوهُهُمۡ فِي ٱلنَّارِ
يَقُولُونَ يَٰلَيۡتَنَآ أَطَعۡنَا ٱللَّهَ وَأَطَعۡنَا ٱلرَّسُولَا۠ 66﴾

"Аллах каапырларга наалат айтты жана аларга тозокту даярдап койду! Алар анда түбөлүккө калышат, аларга жардамчы да, колдоочу да табылбайт. Алардын жүздөрү отко айланганда, алар: "Кана, биз Аллахка жана элчиге баш ийгенде!" деп айтышат". (Ахзаб сүрөсү, 64-66-аяттар).

Акырет күнүнө ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар, алардын кээ бири төмөнкүлөр:

Биринчиси: Ал күндүн сообун үмүт кылып, ибадат кылууга кызыгып ага умтулуу.

Экинчи: Ал күндүн азабынан коркуп, күнөө кылуудан жана күнөөгө ыраазы болуудан коркуу.

Үчүнчү: Бул дүйнөдө жете албаган жыргалдын ордуна акырет жыргалын жана сообун үмүт кылуу менен ыймандуу адамдын көңүлүн сооротуу.

Каапырлар «мүмкүн эмес» деп, кайра тирилүүнү четке кагышты.

Бул күмөндүн негизсиз экенине шарият, сезимдер жана акыл-эс далилдерди келтирет.

Шарияттын далилдери: Аллах Таала минтип айткан:

﴿زَعَمَ ٱلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ أَن لَّن يُبۡعَثُواْۚ قُلۡ بَلَىٰ وَرَبِّي لَتُبۡعَثُنَّ ثُمَّ لَتُنَبَّؤُنَّ بِمَا عَمِلۡتُمۡۚ وَذَٰلِكَ عَلَى ٱللَّهِ يَسِيرٞ 7﴾

"Каапырлар «биз эч качан кайра тирилбейбиз» деп ойлошту. Айткын: «жок, андай эмес! Раббиме ант ичип айтамын: силер шексиз (Аллахтын кудурети менен) кайра тирилесиңер жана албетте, силерге жасаган ишиңердин кабары берилет. Бул Аллах үчүн жеңил". (Тагаабун сүрөсү, 7-аят). Асмандан түшкөн китептердин баары кайра тирилүүнүн чындык экенин бир добуштан айтышкан.

Сезимдердин далили: Аллах ушул эле дүйнөдө өлүктөрдү кайра тирилтүүсүн көргөзгөн. «Бакара» сүрөсүндө буга беш мисал бар.

Биринчи мисал: Мусага (ага Аллахтын тынчтыгы болсун) коому айтышты:

﴿...لَن نُّؤۡمِنَ لَكَ حَتَّىٰ نَرَى ٱللَّهَ جَهۡرَةٗ ...﴾

"Биз Аллахты айкын көрмөйүнчө, сага ыйман келтирбейбиз" (Бакара, 55-аят). Аллах алардын (өздөрүн) өлтүрдү жана кайра тирилтти, Бул окуя жөнүндө Аллах Исраил урпактарына кайрылып, мындай деди:

﴿وَإِذۡ قُلۡتُمۡ يَٰمُوسَىٰ لَن نُّؤۡمِنَ لَكَ حَتَّىٰ نَرَى ٱللَّهَ جَهۡرَةٗ فَأَخَذَتۡكُمُ ٱلصَّٰعِقَةُ وَأَنتُمۡ تَنظُرُونَ 55 ثُمَّ بَعَثۡنَٰكُم مِّنۢ بَعۡدِ مَوۡتِكُمۡ لَعَلَّكُمۡ تَشۡكُرُونَ 56﴾

"Бир кезде силер айттыңар: «О, Муса, биз Аллахты айкын көрмөйүнчө, сага ыйман келтирбейбиз». Андан кийин силерди (бири-бириңерге) карап турган абалыңарда чагылган урду. Анан өлгөндөн кийин силерди кайра тирилттик, балким, шүгүр кылып каларсыңар". (Бакара сүрөсү, 55-56-аяттар).

Экинчи мисал: Исраил урпактары талашып-тартышкан өлүк кишинин окуясында, Аллах аларга, ал өзүн ким

өлтүргөнүн айтып бериши үчүн, бир уйду союп, анын бир бөлүгү менен өлүктү урууга буйруган. Бул тууралуу  Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَإِذۡ قَتَلۡتُمۡ نَفۡسٗا فَٱدَّٰرَٰٔتُمۡ فِيهَاۖ وَٱللَّهُ مُخۡرِجٞ مَّا كُنتُمۡ تَكۡتُمُونَ 72 فَقُلۡنَا ٱضۡرِبُوهُ بِبَعۡضِهَاۚ كَذَٰلِكَ يُحۡيِ ٱللَّهُ ٱلۡمَوۡتَىٰ وَيُرِيكُمۡ ءَايَٰتِهِۦ لَعَلَّكُمۡ تَعۡقِلُونَ 73﴾

"(Эй, Исраил урпактары!) Эстегиле, силер бир жанды өлтүрүп, ал жөнүндө (аны ким өлтүргөнү жөнүндө) талашып калдыңар, Аллах болсо, жашырган нерсеңерди ачыкка чыгаруучу. Анан Биз: "Анын бир бөлүгү менен аны уруп көргүлө" дедик. Аллах өлгөндөрдү ушундай тирилтет жана Өзүнүн аяттарын силерге көрсөтөт, балким, акыл калчарсыңар". (Бакара сүрөсү, 72-73-аяттар).

Үчүнчү мисал: Аллах, өз мекендериндеги өлүмдөн качкан миңдеген адамдарды өлтүрүп, кайра тирилткен окуя баяны. Бул жөнүндө Аллах Таала минтип айткан:

﴿أَلَمۡ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ خَرَجُواْ مِن دِيَٰرِهِمۡ وَهُمۡ أُلُوفٌ حَذَرَ ٱلۡمَوۡتِ فَقَالَ لَهُمُ ٱللَّهُ مُوتُواْ ثُمَّ أَحۡيَٰهُمۡۚ إِنَّ ٱللَّهَ لَذُو فَضۡلٍ عَلَى ٱلنَّاسِ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَشۡكُرُونَ 243﴾

"(О Мухаммад!) Өлүмдөн качып, журттарынан чыккан миңдеген адамдарды(н икаясын) укпадың беле? Аллах аларга: "Өлгүлө!" - деди. (Алар өлүштү). Анан, аларды кайра тирилтти. Албетте, Аллах адамдарга пазилеттүү. Бирок, көпчүлүк адамдар шүгүр кылышпайт". (Бакара сүрөсү, 243-аят).

Төртүнчү мисал: Кыйраган айылдын жанынан өтүп бара жатып, ушул өлүктөрдү Аллах кантип тирилтет деп ойлогон адам жөнүндө. Аллах аны өлтүрүп, жүз жылдан соң кайра тирилткен. Бул жөнүндө Аллах Таала минтип айткан:

﴿أَوۡ كَٱلَّذِي مَرَّ عَلَىٰ قَرۡيَةٖ وَهِيَ خَاوِيَةٌ عَلَىٰ عُرُوشِهَا قَالَ أَنَّىٰ يُحۡيِۦ هَٰذِهِ ٱللَّهُ بَعۡدَ مَوۡتِهَاۖ فَأَمَاتَهُ ٱللَّهُ مِاْئَةَ عَامٖ ثُمَّ بَعَثَهُۥۖ قَالَ كَمۡ لَبِثۡتَۖ قَالَ لَبِثۡتُ يَوۡمًا أَوۡ بَعۡضَ يَوۡمٖۖ قَالَ بَل لَّبِثۡتَ مِاْئَةَ عَامٖ فَٱنظُرۡ إِلَىٰ طَعَامِكَ وَشَرَابِكَ لَمۡ يَتَسَنَّهۡۖ وَٱنظُرۡ إِلَىٰ حِمَارِكَ وَلِنَجۡعَلَكَ ءَايَةٗ لِّلنَّاسِۖ وَٱنظُرۡ إِلَى ٱلۡعِظَامِ كَيۡفَ نُنشِزُهَا ثُمَّ نَكۡسُوهَا لَحۡمٗاۚ فَلَمَّا تَبَيَّنَ لَهُۥ قَالَ أَعۡلَمُ أَنَّ ٱللَّهَ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ قَدِيرٞ 259﴾

"Же болбосо (оо, Мухаммад) пайдубалдарына чейин ойрон болгон айылдан өткөн киши(нин окуясы) сыяктуу (кабар укпадыңбы?) Ал киши: (ойрон болгон айылдан өтүп бара жатып) "Аллах ушуну(н элдерин) өлгөндөн соң кантип (кайра) тирилте алат?!" деди. Аллах анын өзүн жүз жылга өлтүрүп койду да, кийин кайра тирилтип: "Канча убак жаттың?" – деди. "Бир күн же бир күндүн бир аз бөлүгүнчөлүк" деп жооп берди. (Аллах) айтты: "Жок, жүз жыл (өлүп) жаттың. Тамак-ашыңды, суусундуктарыңды карачы – бузулган эмес. Жана эшегиңе (чирип кеткен сөөктөрүнө) да кара. Биз сени адамдарга (Өз кудуретибизден) аян - белги кылуу үчүн (ушундай) кылдык. Жана сөөктөргө кара: Биз аларды кантип чогултуп, кийин аларга эт каптайбыз. (Өз көзүң менен көрүп ал!). Анан бардыгы ага (көз алдында) анык билингенде: "Мен (эми) Аллахтын ар кандай нерсеге Кудуреттүү экенин

билемин!" – деди". (Бакара сүрөсү, 259-аят).

Бешинчи мисал: Ибрахимдин окуясы. Ал Аллах Таaладан өлүктөрдү кантип тирилтээрин көргөзүүсүн сурады. Ошондо Аллах Таала ага төрт кушту союп, алардын бөлүктөрүн айланасындагы тоолорго таратып, анан аларды чакырууга буйруду. Ошондо ал бөлүктөр бири-бирине куралып, Ибрахимдин алдына ылдам учуп келишти. Бул окуяны Аллах мындай баяндаган:

﴿وَإِذۡ قَالَ إِبۡرَٰهِـۧمُ رَبِّ أَرِنِي كَيۡفَ تُحۡيِ ٱلۡمَوۡتَىٰۖ قَالَ أَوَلَمۡ تُؤۡمِنۖ قَالَ بَلَىٰ وَلَٰكِن لِّيَطۡمَئِنَّ قَلۡبِيۖ قَالَ فَخُذۡ أَرۡبَعَةٗ مِّنَ ٱلطَّيۡرِ فَصُرۡهُنَّ إِلَيۡكَ ثُمَّ ٱجۡعَلۡ عَلَىٰ كُلِّ جَبَلٖ مِّنۡهُنَّ جُزۡءٗا ثُمَّ ٱدۡعُهُنَّ يَأۡتِينَكَ سَعۡيٗاۚ وَٱعۡلَمۡ أَنَّ ٱللَّهَ عَزِيزٌ حَكِيمٞ 260﴾

"Эстегин, Ибрахим: "Оо, Раббим! Мага өлүктөрдү кандай тирилтээриңди көргөз" дегенде, (Аллах): "Ишенбей жатасыңбы?" деди. Ибрахим айтты: "Жок, андай эмес, бирок жүрөгүм бейпил болушу үчүн (сурап жатамын)". (Аллах) айтты: "Куштан төрттү карма дагы, аларды өзүңө жакындатып (союп, жиликтеп,) ар бир тоого алардын

бөлүктөрүн (чачып) ташта. Анан аларды (өз аттары менен) чакыр – сага тез (учуп) келишет. Жана билип койгун, Аллах – Кудуреттүү, Даанышман". (Бакара сүрөсү, 260-аят).

Мына ушул болгон, көз көргөн окуялар өлүктөрдү тирилтүү мүмкүндүгүн көргөзүп турат. Жогоруда, Аллахтын уруксаты менен Иса пайгамбарга өлүктөрдү кайра тирилтүү жана мүрзөлөрүнөн чыгаруу муъжизасы берилгендиги жөнүндө айтылып өттү.

Кайра тирилтүүнүн чындык экенине акыл-эстин далили эки тараптуу:

Биринчиси: Аллах Таала асмандар, жер жана алардагы нерселерди алгачкысынан баштап баарын Өзү жараткан, демек кайра дагы жаратууга да кудуреттүү. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَهُوَ ٱلَّذِي يَبۡدَؤُاْ ٱلۡخَلۡقَ ثُمَّ يُعِيدُهُۥ وَهُوَ أَهۡوَنُ عَلَيۡهِۚ...﴾

"Ал дүйнө-ааламды жоктон бар кылган жана (акыретте экинчи жолу) кайрадан жарата турган Кудай. Бул Ага

абдан жеңил". (Рум сүрөсү, 27-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿...كَمَا بَدَأْنَآ أَوَّلَ خَلْقٍ نُّعِيدُهُۥۚ وَعْدًا عَلَيْنَآۚ إِنَّا كُنَّا فَٰعِلِينَ﴾

«(Калк-калайыкты) абалкы жолу жараткан калыбына кайтарабыз. Бул (кайра жаратуу) Биздин милдетибиздеги убада. Биз аны аткарабыз». (Анбия сүрөсү, 104-аят). Чирип калган сөөктү кайра тирилтүүгө ишенбегендерге жооп кылып мындай деген:

﴿قُلْ يُحْيِيهَا ٱلَّذِيٓ أَنشَأَهَآ أَوَّلَ مَرَّةٍۖ وَهُوَ بِكُلِّ خَلْقٍ عَلِيمٌ 79﴾

"Айткын: «Аны биринчи ирет (оболу топурактан, анан бел суудан) жараткан Кудай (кайра дагы ошол топурактан) тирилтет. Ал ар бир макулукту (кандай жаратаарын жакшы) билет". (Йасин сүрөсү, 79-аят).

Экинчиси: не бир шибер, не бир дарак болбогон тап-такыр боз жер жамгыр жаашы менен арекетке келип, көк чөп чыгып, көгөрүп тирилип адамдарды кубанычка бөлөйт. Ушул өлүк жерди ушинтип кайра тирилткен Зат, өлүк денелерди да кайра

тирилтүүгө шексиз кудуреттүү. Аллах Таала айткан:

﴿وَمِنۡ ءَايَٰتِهِۦٓ أَنَّكَ تَرَى ٱلۡأَرۡضَ خَٰشِعَةٗ فَإِذَآ أَنزَلۡنَا عَلَيۡهَا ٱلۡمَآءَ ٱهۡتَزَّتۡ وَرَبَتۡۚ إِنَّ ٱلَّذِيٓ أَحۡيَاهَا لَمُحۡيِ ٱلۡمَوۡتَىٰٓۚ إِنَّهُۥ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ قَدِيرٌ 39﴾

"Аллахтын (кудуретинин) белгилеринен дагы бири, сен жерди куп-кургак (өлүк сыяктуу кунарсыз) абалда көрөсүң. Анан Биз ага (асмандан) суу түшүрсөк козголуп, көөп чыгат (жана ар түрдүү өсүмдүктөрдү өндүрө баштайт). Жерди (ушинтип) тирилткен Кудай өлүктөрдү да тирилте алат. Ал ар кандай нерсеге Кудуреттүү!" (Фуссилат сүрөсү, 39-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَنَزَّلۡنَا مِنَ ٱلسَّمَآءِ مَآءٗ مُّبَٰرَكٗا فَأَنۢبَتۡنَا بِهِۦ جَنَّٰتٖ وَحَبَّ ٱلۡحَصِيدِ 9 وَٱلنَّخۡلَ بَاسِقَٰتٖ لَّهَا طَلۡعٞ نَّضِيدٞ 10 رِّزۡقٗا لِّلۡعِبَادِۖ وَأَحۡيَيۡنَا بِهِۦ بَلۡدَةٗ مَّيۡتٗاۚ كَذَٰلِكَ ٱلۡخُرُوجُ 11﴾

"Жана Биз асмандан берекелүү суу түшүрүп, аны менен бак-дарактарды, жыйнап алынуучу дандарды жана бийик пальмаларды өстүрдүк, аларда катар-катар мөмөлөр бар. Бул кулдар үчүн

ырыскы. Биз ошол суу менен өлгөн жерди тирилттик. Мына ушундайча тирилүү болот". (Каф сүрөсү, 9-11-аяттар).

Акырет күнүнө ыйман келтирүүнүн катарына өлүмдөн соң болчу бардык нерселерге ыйман келтирүү да кирет, мисалы:

а) Кабыр (мүрзө) сыноосу: Бул – маркумду жерге бергенден кийин анын Раббиси, дини жана пайгамбары тууралуу суралуусу. Аллах ыймандууларды туруктуу сөз менен бекемдейт, ошондо ал мындай дейт: «Раббим – Аллах, диним – Ислам, пайгамбарым – Мухаммад». Аллах зулумдук кылгандарды адаштырат, ошондо каапыр: «Ий, ий, мен билбейм», – дейт. Ал эми эки жүздүү же күмөн санаган адам: «Мен билбейм, элдин бир нерсе деп айтканын угуп, ошону айткам», – дейт.

б) Кабырдагы азап жана ырахат: Кабыр азабы каапырлар, эки жүздүүлөрдөн болгон залимдер үчүн даярдап коюлган. Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَلَوۡ تَرَىٰٓ إِذِ ٱلظَّٰلِمُونَ فِي غَمَرَٰتِ ٱلۡمَوۡتِ وَٱلۡمَلَٰٓئِكَةُ بَاسِطُوٓاْ أَيۡدِيهِمۡ أَخۡرِجُوٓاْ أَنفُسَكُمُۖ ٱلۡيَوۡمَ تُجۡزَوۡنَ عَذَابَ ٱلۡهُونِ بِمَا كُنتُمۡ تَقُولُونَ عَلَى ٱللَّهِ غَيۡرَ ٱلۡحَقِّ وَكُنتُمۡ عَنۡ ءَايَٰتِهِۦ تَسۡتَكۡبِرُونَ﴾

"Сен ошол залымдардын өлүм алдында жаткан учурун жана периштелер аларга колун созуп : “Жаныңарды чыгаргыла! Бүгүн силер Аллахтын аяттарынан текеберлене жүз үйрүп, Аллахтын атына жалган-жалааларды айтканыңар себептүү кордук азабы менен жазаланасыңар” дегенин бир көрсөң...". (Анаам сүрөсү, 93-аят).

Аллах Таала Фараондун үй-бүлөсү жөнүндө мындай деген:

﴿ٱلنَّارُ يُعۡرَضُونَ عَلَيۡهَا غُدُوّٗا وَعَشِيّٗاۚ وَيَوۡمَ تَقُومُ ٱلسَّاعَةُ أَدۡخِلُوٓاْ ءَالَ فِرۡعَوۡنَ أَشَدَّ ٱلۡعَذَابِ 46﴾

"Аларга (Фараон менен элине) эртели-кеч тозок көргөзүлүп турулат. Ал эми, Кыямат болгондо, (бир добуш): «Фараон элин эң катуу азапка киргизгиле!» (дейт.)" (Гафир сүрөсү, 46-аят).

Имам Муслимдин «Сахих» китебинде Зайд ибн Сабит (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте «Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«فَلَوْلَا أَنْ لَا تَدَافَنُوا لَدَعَوْتُ اللَّهَ أَنْ يُسْمِعَكُمْ مِنْ عَذَابِ الْقَبْرِ الَّذِي أَسْمَعُ مِنْهُ»

«Эгер силер бири-бириңерди көмүүчү болбогонуңарда, (көмбөй койбогонуңарда) мен өзүм уккан кээ бир кабыр азабын силерге да угузуусун сурап Аллахка дуба кылмакмын". Андан кийин (ага) жүзүн буруп мындай деди:

«تَعَوَّذُوا بِاللَّهِ مِنْ عَذَابِ النَّارِ».

«Тозок азабынан Аллахтан коргоо тилегиле». Сахабалар: «Тозок азабынан Аллахтан коргоо сурайбыз» - дешти. Ал дагы:

«تَعَوَّذُوا بِاللَّهِ مِنْ عَذَابِ الْقَبْرِ»

"Кабыр азабынан Аллахтан коргоо тилегиле" - деди. «Кабыр азабынан Аллахтан коргоо тилейбиз» - дешти. Ал:

«تَعَوَّذُوا بِاللَّهِ مِنَ الْفِتَنِ، مَا ظَهَرَ مِنْهَا وَمَا بَطَنَ»

«Көрүнгөн жана көрүнбөгөн жамандык, сыноолордон Аллахтан коргоо тилегиле» - деди. «Көрүнгөн жана көрүнбөгөн жамандык, сыноолордон Аллах сактасын» - дешти сахабалар. Ал:

«تَعَوَّذُوا بِاللَّهِ مِنْ فِتْنَةِ الدَّجَّالِ»

«Дажжалдын жамандыгынан, азгыруусунан коргоону Аллахтан тилегиле» - деди. Алар: "Дажжалдын жамандыгынан, азгыруусунан коргоо тилейбиз" - дешти (17).[1]

Ал эми кабырдын ырахаты чынчыл, ыйманы бекем мусулмандар үчүн даярдалган. Аллах Таала минтип айткан:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ قَالُواْ رَبُّنَا ٱللَّهُ ثُمَّ ٱسْتَقَٰمُواْ تَتَنَزَّلُ عَلَيْهِمُ ٱلْمَلَٰٓئِكَةُ أَلَّا تَخَافُواْ وَلَا تَحْزَنُواْ وَأَبْشِرُواْ بِٱلْجَنَّةِ ٱلَّتِي كُنتُمْ تُوعَدُونَ 30﴾

«Раббим – Аллах» деп, андан соң (дин-ибадаттарында) түз болгон адамдарга периштелер түшүп келип:

---

[1] Имам Муслим, «Бейиш, анын ырахаты жана тургундарынын сыпаты» китеби, «Маркумга анын бейиштеги же тозоктогу ордунун көрсөтүлүшү, кабыр азабын ырастоо жана андан паана тилөө» кичи бөлүмү, 2867.

«(Келечектен) коркпогула, (өткөн ишке) өкүнбөгүлө! Өзүңөргө убада берилген бейиш менен сүйүнгүлө! дешет". (Фуссилат сүрөсү, 30-аят).

Аллах Таала мындай деген:

﴿فَلَوۡلَآ إِذَا بَلَغَتِ ٱلۡحُلۡقُومَ 83 وَأَنتُمۡ حِينَئِذٖ تَنظُرُونَ 84 وَنَحۡنُ أَقۡرَبُ إِلَيۡهِ مِنكُمۡ وَلَٰكِن لَّا تُبۡصِرُونَ 85 فَلَوۡلَآ إِن كُنتُمۡ غَيۡرَ مَدِينِينَ 86 تَرۡجِعُونَهَآ إِن كُنتُمۡ صَٰدِقِينَ 87 فَأَمَّآ إِن كَانَ مِنَ ٱلۡمُقَرَّبِينَ 88 فَرَوۡحٞ وَرَيۡحَانٞ وَجَنَّتُ نَعِيمٖ 89﴾

"(Эгер бир жакыныңардын) жан(ы) алкымга келсе, силер ошол учурда карап турсаңар, Биз силерден да жакын болсок да, силер көрбөйсүңөр. Эгер силер жазаланбай турган болсоңор, аны кайтарып көргүлө, эгер чындыкты айтсаңар. Ал эми эгер ал жакындардан болсо, анда ага бейпилдик, жыпар жыт жана бейиштин ырахаты бар". (Вакиа сүрөсү, 83-89-аяттар).

Аль-Бара ибн Аазиб (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабырында эки периштенин

суроолоруна жооп берген ыймандуу адам жөнүндө мындай деген:

«يُنَادِي مُنَادٍ مِنَ السَّمَاءِ: أَنْ صَدَقَ عَبْدِي، فَافْرِشُوهُ مِنَ الْجَنَّةِ، وَأَلْبِسُوهُ مِنَ الْجَنَّةِ، وَافْتَحُوا لَهُ بَابًا إِلَى الْجَنَّةِ، قَالَ: فَيَأْتِيهِ مِنْ رَوْحِهَا وَطِيبِهَا، وَيُفْسَحُ لَهُ فِي قَبْرِهِ مَدَّ بَصَرِهِ»

«Асмандан үн угулуп: «Пендем туура сүйлөдү, анын ордун Бейиштен даярдап, ага Бейиш кийимдерин кийгизгиле жана Бейиш тарапка эшик ачкыла» - деп айтат. Натыйжада, ага Бейиштин ырахаты жана жыпар жыты келет. Анын кабыры көз нуру жеткен жерге чейин кеңейтилет». Имам Ахмад жана Абу Дауд узун хадисте риваят кылган[1].

Ыйманында адашкандар «мүмкүн эмес» деп, кабыр азабын жана ырахатын четке кагышкан. Алар: Реалдуулукка каршы келгендиктен мүмкүн эмес "Эгер кабырды кайра казсак, аны мурда кандай болсо, ошондой эле турат, кеңейбейт да, тарыбайт" деп айтышат.

[1] Абу Дауд: Китаб ас-Сунна, (4753). Ахмад: Муснад аль-Куфийин, (18534).

Бул күмөн шарият, сезимдер жана акылдын негизинде жокко чыгат.

Шарияттын далилдери: Кабыр азабы жана жыргалы жөнүндө өтө көп кабарлар жогоруда айтылып өттү.

Имам Бухаринин «Сахих» жыйнагында Ибн Аббастан (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте, ал мындай дейт: "Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, жана мактоосу болсун) Мединанын курма бактарынын биринен чыгып бара жатып, кабырында азапталып жаткан эки адамдын добушун укту" деп, хадистин уландысын баяндаган. Анда мындай деп айтылат:

«أَنَّ أَحَدَهُمَا كَانَ لَا يَسْتَتِرُ مِنَ الْبَوْلِ»

"Экөөнүн бири заарадан сактанчу эмес". Башка риваятта:

«مِنْ بَوْلِهِ»

«Өзүнүн заарасынан»

«وَأَنَّ الْآخَرَ كَانَ يَمْشِي بِالنَّمِيمَةِ»،

«Ал эми экинчиси ушак таратып жүргөн», Муслимдин риваятында:

«لَا يَسْتَنْزِهُ مِنَ الْبَوْلِ».

«Заарадан сактанбайт».[1]

Ал эми сезимдердин далили: уктап жаткан адам түшүндө кенен, кооз жерде ырахат алып, же тескерисинче тар, коркунучтуу, кыйналган орунга түшүп калып, азап тартат, кээде ошол абалында ойгонуп кетет, Анткен менен ал өз бөлмөсүндө, өз төшөгүндө ошол эле калыбында жаткан болот. Уйку өлүмдүн бир тууганы. Ошондуктан Аллах уйкуну "өлүм" деп атаган. Аллах Таала айтты:

﴿ٱللَّهُ يَتَوَفَّى ٱلۡأَنفُسَ حِينَ مَوۡتِهَا وَٱلَّتِي لَمۡ تَمُتۡ فِي مَنَامِهَاۖ فَيُمۡسِكُ ٱلَّتِي قَضَىٰ عَلَيۡهَا ٱلۡمَوۡتَ وَيُرۡسِلُ ٱلۡأُخۡرَىٰٓ إِلَىٰٓ أَجَلٖ مُّسَمًّى...﴾

"Аллах жандарды өлүм убактысында алат. Өлбөгөндөрдүкүн уйкусунда алат. Анан ага (өлүмдү) өкүм кылган жандарды кармап калат жана башкаларын белгилүү убакытка (ажалы жеткенге) чейин (денелерине кайра) коюп жиберет...". (Зумар сүрөсү, 42-аят).

---

[1] Имам Бухари, 215.

Ал эми акылга келсек: Адам уйкусунда чындыкка дал келген түштөрдү көрөт, кээде пайгамбарды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кээ бир сыпаттары менен көрөт. Ким аны сыпаттары менен көрсө, демек, чындап көргөн болот. Төшөгүндө жатып алып өтө алыстагы нерселерди көрүүсү мүмкүн. Мына ушундай абалдар ушул дүйнөдө болуп жаткан сон, акыретте кантип болбосун?!

Ал эми алардын кабырды кайра ачканда анда эч кандай өзгөрүү болбоду го деген күмөндөрүнө төмөндө бир канча жооп бар:

Биринчи: Негизсиз күмөндөр менен шариятта келген кабарларга каршы чыгууга болбойт. Эгерде ошол шариятка каршы болуп жаткан киши акыйкат менен ойлонуп көрсө, бул күмөндөрдө эч бир чындык жок экендигин билмек. Мындай сөз бар:

Туура сөздү айыптаган канчалаган адамдар бар.

Анын кемчилиги - туура эмес түшүнүк.

Экинчиси: Кабыр жашоосу сезимден сырткары болуучу кайып ааламга кирет. Эгер сезиле турган иш болгондо, анда кайыпка ишенүүнүн пайдасы жок болмок жана кайыпка ишенген ыймандуу менен аны жокко чыгарган ыймансыздын айырмасы болбой калмак.

Үчүнчү: Кабырдын азабы жана жыргалы, кеңдиги жана тардыгы өлүктүн өзүнө гана билинет. Бул уктап жаткан адамдын тар, коркунучтуу жерде же кенен, кооз жерде жерде жүргөнүн көргөнү сыяктуу эле. Анын жанындагы тигинин кыйналганын да, жыргаганын да сезбейт. Чындыгында, Пайгамбарга сахабаларынын арасында болгон кезде да вахий түшчү. Ал вахийди укканы менен, сахабалар аны угушчу эмес. Кээде ага периште адам кейпинде көрүнүп, аны менен сүйлөшчү, ал эми сахабалар аны көрүшчү да, угушчу да эмес.

Төртүнчү: Макулуктардын акылы чектелүү. Аллах берген, чектеген мүмкүнчүлүктө гана биле, түшүнө алат. Бардык нерсеге акылы жете берүү эч качан

мүмкүн эмес. Жети кабат асман жана жер, андагы бардык макулуктар Аллахка тасбих, мактоо айтышат. Аны Аллах каалаганына кээде угузат. Ага карабастан Ал бизден тосулган, бул жөнүндө Аллах Таала мындай дейт:

﴿تُسَبِّحُ لَهُ ٱلسَّمَٰوَٰتُ ٱلسَّبۡعُ وَٱلۡأَرۡضُ وَمَن فِيهِنَّۚ وَإِن مِّن شَيۡءٍ إِلَّا يُسَبِّحُ بِحَمۡدِهِۦ وَلَٰكِن لَّا تَفۡقَهُونَ تَسۡبِيحَهُمۡۚ...﴾

"Аллахка жети асман, жер жана алардагы бардык (жандуу-жансыз) нерселер мактоо менен тасбих айтышат. Бирок, алардын тасбихтерин силер түшүнбөйсүңөр...". (Исра сүрөсү, 44-аят). Шайтандар жана жиндер жер бетинде заматта ары-бери барып келишет. Чынында жиндер Аллахтын элчисине келип, анын Куран окуганын тынчтанып, угуп анан коомдоруна эскертип кетишкен. Ага карабастан алар бизден тосулган. Бул тууралуу Аллах Таала мындай дейт:

﴿يَٰبَنِيٓ ءَادَمَ لَا يَفۡتِنَنَّكُمُ ٱلشَّيۡطَٰنُ كَمَآ أَخۡرَجَ أَبَوَيۡكُم مِّنَ ٱلۡجَنَّةِ يَنزِعُ عَنۡهُمَا لِبَاسَهُمَا لِيُرِيَهُمَا سَوۡءَٰتِهِمَآۚ إِنَّهُۥ يَرَىٰكُمۡ هُوَ وَقَبِيلُهُۥ مِنۡ حَيۡثُ لَا تَرَوۡنَهُمۡۗ إِنَّا جَعَلۡنَا ٱلشَّيَٰطِينَ أَوۡلِيَآءَ لِلَّذِينَ لَا يُؤۡمِنُونَ 27﴾

"О Адам урпактары! Шайтан Ата-Энеңерди бейиштен чыгарып, уяттуу жерлери көрүнүп калуусу үчүн кийимдерин сыйрып алганы сыяктуу, силерди да азгырып койбосун! Ал жана ага окшогондор (жиндер) силерди, силер көрбөгөн тараптан көрүп турушат. Чынында, Биз шайтандарды ыйман келтирбеген адамдар үчүн дос-башчы кылып койдук". (Аараф сүрөсү, 27-аят). Инсандар жана башка макулуктар бардык эле нерсени көрө албагандан кийин, кайыптан бекемделген өздөрү көрө албаган нерселерди кайтаруусу туура эмес.

*

## Тагдырга ыйман келтирүү.

Кадар (тагдыр) – Аллах Тааланын эзелки илими жана даанышмандыгы боюнча коюлган барлыктын өлчөмү.

Тагдырга ыйман келтирүү төрт маселени өз ичине алат:

Биринчиси: Аллах Тааланын бардык нерсени – мейли, ал Өзүнүн амалдарына

тиешелүү болсун, же пенделеринин амалдарына тиешелүү болсун – жалпылай да, кеңири да, эзелтеден жана ар дайым билээрине ыйман келтирүү.

Экинчиси: Аллах Таала бардык нерселердин тагдырын «Лавхул Махфузга" жазып койгонуна ишенүү. Бул экөөсү тууралуу Аллах Таала мындай деген:

﴿أَلَمۡ تَعۡلَمۡ أَنَّ ٱللَّهَ يَعۡلَمُ مَا فِي ٱلسَّمَآءِ وَٱلۡأَرۡضِۚ إِنَّ ذَٰلِكَ فِي كِتَٰبٍۚ إِنَّ ذَٰلِكَ عَلَى ٱللَّهِ يَسِيرٞ 70﴾

"(О Мухаммад!) Билбейсиңби, Аллах асмандагы жана жердеги (бардык) нерселерди билет. (Себеби) ал нерселер Китепте (Лавхул-Махфузда) бар. Бул Аллахка жеңил". (Хаж сүрөсү, 70-аят).

Имам Муслимди «Сахих» китебинде Абдуллах ибн Амр ибн Аас (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, ал: «Мен Аллахтын элчисинин минтип айтканын уктум дейт:

«كَتَبَ اللَّهُ مَقَادِيرَ الْخَلَائِقِ قَبْلَ أَنْ يَخْلُقَ السَّمَوَاتِ وَالْأَرْضَ بِخَمْسِينَ أَلْفَ سَنَةٍ».

«Аллах макулуктардын тагдырын асмандар менен жерди жаратардан элүү миң жыл мурда жазып койгон»[1].

Үчүнчүсү: Бардык нерселер - мейли, ал Аллахтын амалдарына тиешелүү болсун, же пенделеринин амалдарына тиешелүү болсун Анын каалоосу менен гана болоруна ыйман келтирүү. Аллах Таала Өзүнүн амалдарына тиешелүү нерсе тууралуу минтип айткан:

﴿وَرَبُّكَ يَخۡلُقُ مَا يَشَآءُ وَيَخۡتَارُۗ...﴾

"Сенин Раббиң Өзү каалаган нерсени жаратат жана ыктыяр кылат...". (Касас сүрөсү, 68-аят) Дагы мындай деп айткан:

﴿...وَيَفۡعَلُ ٱللَّهُ مَا يَشَآءُ﴾

"... Аллах каалаган нерсесин жасайт". (Ибрахим сүрөсү, 27-аят). Дагы мындай деген:

﴿هُوَ ٱلَّذِي يُصَوِّرُكُمۡ فِي ٱلۡأَرۡحَامِ كَيۡفَ يَشَآءُۚ...﴾

---

[1] Имам Муслим: «Тагдыр» китеби, «Адам ата менен Муса пайгамбардын талашы» кичи бөлүмү, 2653.

"Ал силерди (энеңердин) жатындар(ын)да Өзү каалаган кейипке киргизет...". (Аалу Имран сүрөсү, 6-аят). Жаратылгандардын кылган нерселери жөнүндө Аллах Таала мындай деген:

﴿...وَلَوۡ شَآءَ ٱللَّهُ لَسَلَّطَهُمۡ عَلَيۡكُمۡ فَلَقَٰتَلُوكُمۡۚ...﴾

"... эгер Аллах кааласа аларды силерден жогору кылып, силерге каршы согушкан болоор эле...". (Ниса сүрөсү, 90-аят). Аллах Таала дагы мындай деген:

﴿...وَلَوۡ شَآءَ رَبُّكَ مَا فَعَلُوهُۖ فَذَرۡهُمۡ وَمَا يَفۡتَرُونَ﴾

"... эгер, Раббиң кааласа андай кылмак эмес. Эми, аларды жалгандан чыгарган жалаалары менен (бирге) таштап сал". (Анаам сүрөсү, 112-аят).

Төртүнчү: Бардык нерселер өз заты, сыпаты жана аракеттери менен Аллах Таала тарабынан жаратылганына ыйман келтирүү. Аллах Таала минтип айткан:

﴿ٱللَّهُ خَٰلِقُ كُلِّ شَيۡءٖۖ وَهُوَ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ وَكِيلٞ 62﴾

"Аллах – бардык нерселердин Жаратуучусу! Ал – бардык нерсенин

Коргоочу-Сактоочусу!" (Зумар сүрөсү, 62-аят). Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿...وَخَلَقَ كُلَّ شَيۡءٖ فَقَدَّرَهُۥ تَقۡدِيرٗا﴾

"... жана ар бир нерсени эң назик ченем-өлчөм менен жараткан". (Фуркан сүрөсү, 2-аят). Аллах Куранда, Ибрахим (ага Аллахтын тынчтыгы болсун) өз коомуна мындай деп кайрылганын баяндаган:

﴿وَٱللَّهُ خَلَقَكُمۡ وَمَا تَعۡمَلُونَ 96﴾

"Силерди да, силердин ишиңерди да Аллах жараткан!" (Саффат сүрөсү, 96-аят).

Биз жогоруда айткандай тагдырга ыйман келтирүү, пендеге өз ишине ылайык ыктыяр жана кудурет берилгендигине каршы келбейт. Буга шарияттан жана реалдуу жашоодон далилдер бар.

Шарияттын далилдери: Аллах Таала инсандын каалоо-ыктыяры жөнүндө мындай деген:

﴿...فَمَن شَآءَ ٱتَّخَذَ إِلَىٰ رَبِّهِۦ مَـَٔابًا﴾

"Ал эми, ким кааласа (жакшы амалдарды кылат жана) Раббисине (ошол амалдар менен) кайтууну(н жолдорун бекем) кармайт". (Наба сүрөсү, 39-аят). Дагы мындай деп айткан:

﴿...فَأۡتُواْ حَرۡثَكُمۡ أَنَّىٰ شِئۡتُمۡۖ...﴾

"... өзүңөрдүн эгин талааңарга каалаган тарабыңардан келе бергиле...". (Бакара сүрөсү, 223-аят). Ал эми, инсандын кудурети жөнүндө мындай деген:

﴿فَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ مَا ٱسۡتَطَعۡتُمۡ وَٱسۡمَعُواْ وَأَطِيعُواْ...﴾

"Аллахка алыңар жеткенче такыба болгула жана (пайгамбардын өкүм-насааттарын) угуп, моюн сунгула...". (Тагабун сүрөсү, 16-аят). Дагы мындай деп айткан:

﴿لَا يُكَلِّفُ ٱللَّهُ نَفۡسًا إِلَّا وُسۡعَهَاۚ لَهَا مَا كَسَبَتۡ وَعَلَيۡهَا مَا ٱكۡتَسَبَتۡۗ...﴾

"Аллах эч бир жанды кудурети жетпеген нерсеге буюрбайт (ар кимдин) пайдасы да өз иши(нен), зыяны да өз иши(нен)...". (Бакара сүрөсү, 286-аят).

Иш жүзүндө болсо, албетте, ар бир инсан өзүнүн каалоосу жана кудурети бар экенин билет, ошол каалоо-кудурети менен каалаган ишин жасайт, каалабаганын таштайт. Өз каалоосу менен болгон басуу сыяктуу иштерди, каалоосунан тышкары болгон титирөө сыяктуу иштерден айырмалайт. Бирок пенденин каалоосу жана кудурети Аллах Тааланын каалоосу жана кудурети менен гана болот. Аллах Таала айткан:

﴿لِمَن شَآءَ مِنكُمۡ أَن يَسۡتَقِيمَ 28 وَمَا تَشَآءُونَ إِلَّآ أَن يَشَآءَ ٱللَّهُ رَبُّ ٱلۡعَٰلَمِينَ 29﴾

"Силердин араңардан оңолуууну каалгандар үчүн (эскертүү бар!) Бирок силер каалабайсыңар, эгерде Аллах, ааламдардын Рабби каалабаса". (Таквир сүрөсү, 28-29-аяттар). Анткени, бардык ааламдар жалгыз Аллахтын мүлкү. Анын жеке менчик мүлкүндө Анын каалоосу жана илимисиз эч бир нерсе болбойт.

Биз жогоруда айткандай тагдырга ыйман келтирүү, пендеге милдеттерин аткарбоого

же күнөө иштерди кылууга шылтоо болбойт. Ошондуктан, анын ага негизделген аргументи бир нече себептерден улам жараксыз:

Биринчиден: Аллах Таала минтип айткан:

﴿سَيَقُولُ ٱلَّذِينَ أَشۡرَكُواْ لَوۡ شَآءَ ٱللَّهُ مَآ أَشۡرَكۡنَا وَلَآ ءَابَآؤُنَا وَلَا حَرَّمۡنَا مِن شَيۡءٖۚ كَذَٰلِكَ كَذَّبَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ حَتَّىٰ ذَاقُواْ بَأۡسَنَاۗ قُلۡ هَلۡ عِندَكُم مِّنۡ عِلۡمٖ فَتُخۡرِجُوهُ لَنَآۖ إِن تَتَّبِعُونَ إِلَّا ٱلظَّنَّ وَإِنۡ أَنتُمۡ إِلَّا تَخۡرُصُونَ 148﴾

"Мушриктер сага: “Эгер Аллах каалаганда биз деле, ата-бабаларыбыз деле мушрик болбойт элек жана эч нерсени (өзүбүзчө) арам кылып албайт элек” - дешет. Алардан мурунку (мушриктер) деле ушинтип Биздин азаптын даамын татканга чейин (пайгамбарды) “жалганчы” дешкен. Айткын: “Силерде илим бар беле, аны бизге чыгаргыдай?! Силер күмөнгө гана ээрчип жатасыңар! Силер жалгандан башканы сүйлөбөй жатасыңар!" (Анаам сүрөсү, 148-аят). Эгер мушриктердин

тагдырга шилтегени туура болгондо, Аллах аларга азабын жибербейт эле.

Экинчиден: Аллах Таала минтип айткан:

﴿رُّسُلٗا مُّبَشِّرِينَ وَمُنذِرِينَ لِئَلَّا يَكُونَ لِلنَّاسِ عَلَى ٱللَّهِ حُجَّةُۢ بَعۡدَ ٱلرُّسُلِۚ وَكَانَ ٱللَّهُ عَزِيزًا حَكِيمٗا 165﴾

«(Кыяматта) адамдардын колунда Аллахка каршы далил болуп калбаш үчүн (Биз) (ыйман келтиргендерге) бейиштен сүйүнчү кабар берүүчү жана (каапыр болгондорду) тозок менен коркутуучу пайгамбарларды (бардык элдерге жибергенбиз). Аллах Кудуреттүү, Даанышман». (Ниса сүрөсү, 165-аят). Эгер тагдыр талашып-тартышкандар үчүн далил болгондо, анда элчилерди жөнөтүү менен ал жокко чыгарылмак эмес, анткени алар жөнөтүлгөндөн кийинки талаш-тартыштар дагы эле Аллахтын тагдыры менен болуп жатат.

Үчүнчүдөн: Бухарий жана Муслимдин - тексти Бухарийге таандык - Али ибн Абу Талиптен (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадиси, анда

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مَا مِنْكُمْ مِنْ أَحَدٍ إِلَّا قَدْ كُتِبَ مَقْعَدُهُ مِنَ النَّارِ أَوْ مِنَ الْجَنَّةِ»

«Ар бириңердин Бейиштеги же тозоктогу ордуңар (тагдырда) жазылган». Эл арасынан бирөөсү: «Андай болсо, ошол тагдырга таянып эле койбойлубу? О Аллахтын элчиси» - деп сураганда, ал мындай дейт:

«لَا، اعْمَلُوا فَكُلٌّ مُيَسَّرٌ»

«Жок. Амал кылгыла. Ар бир кишиге (эмнеге жаратылган болсо, ошого) жеңилдетилген». Андан кийин төмөнкү аятты окуду:

﴿فَأَمَّا مَنۡ أَعۡطَىٰ وَٱتَّقَىٰ 5﴾

"Ким (садака) берсе жана такыбалык кылса..." (Лайл сүрөсү, 5-аят). Ал эми Муслимдин риваятында:

«فَكُلٌّ مُيَسَّرٌ لِمَا خُلِقَ لَهُ»

«Ар бир кишиге эмнеге жаратылган болсо, ошого жеңилдетилген»[1] Пайгамбарыбыз Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана

---

[1] Имам Бухари, 6605; Имам Муслим, 2647.

мактоосу болсун ) амал кылуууга буюруп, тагдырга шылтап коюууга тыюу салган.

Төртүнчүдөн: Аллах Таала пендесин кээ бир нерселерге буюруп, кээ бир нерселерден кайтарган, ага күчү жетпей турган жүктү жүктөгөн эмес. Аллах Таала айтты:

﴿فَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ مَا ٱسۡتَطَعۡتُمۡ وَٱسۡمَعُواْ وَأَطِيعُواْ...﴾

"Аллахтан алыңар жеткенче такыба кылгыла жана (пайгамбардын өкүм-насааттарын) угуп, моюн сунгула...". (Тагабун сүрөсү, 16-аят). Дагы мындай деп айткан:

﴿لَا يُكَلِّفُ ٱللَّهُ نَفۡسًا إِلَّا وُسۡعَهَاۚ...﴾

"Аллах эч бир жанды кудурети жетпеген нерсеге буюрбайт...". (Бакара сүрөсү, 286-аят). Эгреде пенде өзүнүн кылган ишинде ыктыяры жок мажбур болгондо, анда пендеге кудурети жетпеген нерсе жүктөлгөн болуп калмак. Албетте бул туура эмес. Ошондуктан пенде атайлабастан, чын эле унутуп же мажбурланып же билбей калып күнөө жасаса, шарият бул абалдарда андай

адамды үзүрлүү катары карайт. Ага күнөө жазылбайт.

Бешинчиден: Аллахтын тагдыры - бул катылган сыр. Кайсы бир нерсе болгондон кийин гана тагдырда бар экенин билебиз. Пенденин каалоосу ишинен алдын болот. Демек, анын бир ишти каалаганы, ошол иш анын тагдырында бар экенин билгенине негизделбейт. Ошондой болгон соң анын тагдырга негизделген далили жараксыз, анткени адамдын билбеген нерсеси жөнүндө далили болушу мүмкүн эмес.

Алтынчыдан: Биз жакшы билебиз: инсан дүйнө иштеринде өзүнө ылайыктуу нерсеге жеткенче ага умтулат. Ылайыктуусун таштап, ылайыксызына барбайт жана бул ишин тагдырга шилтебейт. Ал эми дин иштеринде болсо, өзүнө пайдалуу жолдон зыяндуу жолго бурулуп кетет да, анан «тагдыр ушул экен» -деп тагдырга шилтейт. Эмне үчүн? Бул эки маселе бирдей эле эмеспи?!

Муну түшүндүрүү үчүн мисал келтиребиз:

Бир адамдын алдында эки жол бар. Биринчиси, адам өлтүрүү, талап-тоноо, бузукулук, коркунуч жана ачарчылык өкүм сүргөн жаман шаарга алып барат. Экинчиси: тартип, тынчтык, береке өкүм сүргөн, адамдын өмүрү, ар-намысы жана мал-мүлкү урматталган жакшы шаарга алып барат. Эми акылдуу адам кайсыл жолду тандайт?

Ал, албетте, тартип жана тынчтык өкүм сүргөн шаарга алып баруучу экинчи жолду тандайт. Акылы бар адам эч качан коркунуч жана тартипсиздик өкүм сүргөн жолду тандап, тагдырга шылтабайт. Анда эмне үчүн ал акырет ишинде Бейиштин ордуна Тозок жолун тандап, «тагдырым ушул экен» деп тагдырга шылтайт?

Дагы бир мисал: ооруган адам даарыгер дайындаган дарыларды каалабаса да ичет жана даарыгер тыюу салган тамактарды – напси каалап турса да – жебейт. Мунун баары шыпаа жана саламаттыкка жетүү үчүн. Белгилүү болгондой, инсан пайдалуу болгон дарыдан баш тартып, же зыян

берген тамакты жеп, бул кылыгын тагдырга шылтабайт. Анда эмне үчүн инсан Аллах жана Анын Элчиси буюрган нерсени таштап, же Алар тыюу салган ишти жасап, анан тагдырга шылтайт?

Жетинчиден: Тагдырга шылтап, парздарды таштаган же күнөө иштерди жасаган адамга, бирөө кол салып, мал-мүлкүн тартып алса, же абийирине шек келтирсе, анан тагдырды шылтоолоп: «Мени жемелебе, анткени менин зомбулугум Аллахтын тагдыры менен болду», - деп айтса, анын шылтоосун кабыл кылбайт. Кантип ал башка бирөөнүн ага жасаган зомбулугунда тагдырга шылтоону кабыл албайт да, өзү Аллах Тааланын укугун бузганда ошону тагдырга шылтайт?

Риваят кылынышынча халифа Умар ибн Хаттаптын (Аллах андан ыраазы болсун) алдына бир ууруну алып келишти. Момундардын эмири анын колун кесүүгө өкүм кылды. Анда ууру: «Эй момундардын эмири, шашылба! Мен Аллахтын тагдыры менен уурулук кылгам!" - дегенде халиф

«Биз дагы Аллахтын тагдыры менен колуңду кесебиз» - деп жооп берген экен.

Тагдырга ыйман келтирүүнүн чоң пайдалары бар, кээ бирлери төмөнкүлөр:

Биринчи: Себептерди аткарууда себептерге эмес, Аллах Таалага таянуу, анткени, бардык иш Аллахтын тагдыры менен болот.

Экинчиден, адам өз максатына жеткенде менменсинбейт, анткени анын ишке ашуусу – Аллах Таала тарабынан тагдыр кылынган жакшылык жана ийгилик себептери менен болгон нээмат. Ал эми менменсинүү – бул нээмат үчүн шүгүр кылууну унуттурат.

Үчүнчүсү: Тагдырга ишенген адамдын көңүлү бейпил болот. Ал сүйгөн нерсеси болбой калса же жактырбаган иши болуп кетсе «өз майына куурулбайт». Анткени, ал «бардыгы Аллахтын каалоосу – тагдыры менен экен, ушундай болмок жана болду» - деп ишенет. Аллах Таала минтип айткан:

﴿مَآ أَصَابَ مِن مُّصِيبَةٖ فِي ٱلۡأَرۡضِ وَلَا فِيٓ أَنفُسِكُمۡ إِلَّا فِي كِتَٰبٖ
مِّن قَبۡلِ أَن نَّبۡرَأَهَآۚ إِنَّ ذَٰلِكَ عَلَى ٱللَّهِ يَسِيرٞ 22 لِّكَيۡلَا تَأۡسَوۡاْ عَلَىٰ

مَا فَاتَكُمْ وَلَا تَفْرَحُوا۟ بِمَآ ءَاتَىٰكُمْ ۗ وَٱللَّهُ لَا يُحِبُّ كُلَّ مُخْتَالٍ فَخُورٍ
﴿23

Жердеги жана өзүңөрдөгү ар бир апаат-кырсык, Биз аны болтурганыбызга чейин эле (Лавхул-Махфуз деген) китепте жазылып калган. Бул Аллах үчүн жеңил. Ошондуктан, колуңардан кеткен нерсеге кайгырбагыла жана Аллах берген нерсеге кубанбагыла. Аллах ар бир текебер, мактанчаакты жакшы көрбөйт. (Хадид сүрөсү, 22-23 аяттар) Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«عَجَبًا لِأَمْرِ الْمُؤْمِنِ إِنَّ أَمْرَهُ كُلَّهُ خَيْرٌ، وَلَيْسَ ذَاكَ لِأَحَدٍ إِلَّا لِلْمُؤْمِنِ، إِنْ أَصَابَتْهُ سَرَّاءُ شَكَرَ فَكَانَ خَيْرًا لَهُ، وَإِنْ أَصَابَتْهُ ضَرَّاءُ صَبَرَ فَكَانَ خَيْرًا لَهُ».

«Момундун ишине таң каламын. Анын бардык иши жакшылык. Мындай момун үчүн гана болот. Эгер ага кубаныч болсо, ага шүгүр кылат. Бул ал үчүн жакшы. Эгер

ага зыян болсо, ага сабыр кылат. Бул да ал үчүн жакшы»[1].

Тагдырга ыйман келтирүүдө эки тайпа адамдар адашып кетишкен.

Биринчи тайпа: Жабрия жамааты. Алар: «Инсан өз ишине мажбурланат, ал иште анын эч кандай ыктыяры да, кудурети да жок» дешет.

Экинчиси: Кадария, алар мындай деген: Пенде өз иш-аракеттеринде ыктыяр жана кудурет жагынан көз карандысыз, ал эми Аллах Тааланын каалоосу жана кудурети ага эч кандай таасир этпейт.

Биз жабрия тайпасына төмөндө шарият жана реалдуулук далилдери менен жооп беребиз:

Шарияттын далилдери: Аллах пендеге каалоо эркиндигин берип, амал кылууга да кудуреттүү экендигин баяндаган. Аллах Таала айткан:

---

[1] (Муслим, «Зухд жана ракаик» китеби, «Момундун бардык иши жакшылык» кичи бөлүмү, 2999).

﴿...مِنكُم مَّن يُرِيدُ ٱلدُّنۡيَا وَمِنكُم مَّن يُرِيدُ ٱلۡأٓخِرَةَۚ...﴾

"... силерден кээ бирөөлөр дүйнөнү (олжону), кээ бирөөлөр Акыретти каалайт...". (Аалу Имран, 152-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَقُلِ ٱلۡحَقُّ مِن رَّبِّكُمۡۖ فَمَن شَآءَ فَلۡيُؤۡمِن وَمَن شَآءَ فَلۡيَكۡفُرۡۚ إِنَّآ أَعۡتَدۡنَا لِلظَّٰلِمِينَ نَارًا أَحَاطَ بِهِمۡ سُرَادِقُهَاۚ...﴾

الآية

"Айт: «(Мен алып келген Дин) Раббиңер тарабынан келген Акыйкат. Эми, ким кааласа – момун болсун, ким кааласа – каапыр болсун! Биз залымдарга жалын-дубалдары аларды курчап ала турган тозокту даярдап койдук...". (Кахф сүрөсү, 29-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿مَّنۡ عَمِلَ صَٰلِحٗا فَلِنَفۡسِهِۦۖ وَمَنۡ أَسَآءَ فَعَلَيۡهَاۗ وَمَا رَبُّكَ بِظَلَّٰمٖ لِّلۡعَبِيدِ 46﴾

"Ким жакшы иш жасаса өзүнө пайда. Ким күнөө иш жасаса өзүнө зыян! Сенин Раббиң пенделерге зулум кылуучу эмес". (Фуссилат сүрөсү, 46-аят).

Ал эми реалдуулуктун далили: Ар бир адам өз ыктыяры менен болчу жеп-ичүү, уктап-туруу, соода-сатык сыяктуу иштери менен ыктыярынан сырттагы ысытма болгондо калтыроо, чатырдан кулап кетүү сыяктуу иштердин арасын ажырата алат. Ал биринчи абалда ыктыярдуу, экинчисинде ыктыярсыз.

Кадарияларга да шарият жана акыл-эстен жооп айтып, далил келтиребиз.

Шарияттын далилдери: Аллах бардык нерселердин Жаратуучусу. Бардык нерсе Анын каалоосу менен гана жаралат. Аллах Таала Өз китебинде пенделердин амал-иштери Өзүнүн (Аллахтын) каалоосу менен гана болушун айткан:

﴿...وَلَوْ شَآءَ ٱللَّهُ مَا ٱقْتَتَلَ ٱلَّذِينَ مِنۢ بَعْدِهِم مِّنۢ بَعْدِ مَا جَآءَتْهُمُ ٱلْبَيِّنَٰتُ وَلَٰكِنِ ٱخْتَلَفُوا۟ فَمِنْهُم مَّنْ ءَامَنَ وَمِنْهُم مَّن كَفَرَ ۚ وَلَوْ شَآءَ ٱللَّهُ مَا ٱقْتَتَلُوا۟ وَلَٰكِنَّ ٱللَّهَ يَفْعَلُ مَا يُرِيدُ﴾

"... эгер Аллах кааласа, алардан кийинкилер өздөрүнө анык далилдер келген соң өз ара согушпайт болчу. Бирок, каршылашып калышты: алардан ким бирөөсү ыйман келтирди, дагы

бирөөлөрү каапыр болду. Эгер Аллах кааласа согушпайт эле. А бирок, Аллах каалаганын жасайт". (Бакара сүрөсү, 253-аят). Аллах Таала мындай деген:

﴿وَلَوۡ شِئۡنَا لَأٓتَيۡنَا كُلَّ نَفۡسٍ هُدَىٰهَا وَلَٰكِنۡ حَقَّ ٱلۡقَوۡلُ مِنِّي لَأَمۡلَأَنَّ جَهَنَّمَ مِنَ ٱلۡجِنَّةِ وَٱلنَّاسِ أَجۡمَعِينَ 13﴾

"Эгер Биз кааласак, ар бир жанга өз хидаятын (туура жолун) бере алмакпыз. Бирок, Менин: «Бардык (каапыр) инсандар жана (каапыр) жиндер менен тозокту толтурамын!» - деген сөзүм акыйкат (өкүм) болуп калган". (Сажда сүрөсү, 13-аят).

Ал эми акылга келсек: Бүтүн барлык Аллахтын мүлкү. Инсан ушул барлыктын бир гана бөлүгү. Демек, ал дагы Аллахтын мүлкү. Мүлк (кул) кожоюндун уруксаты жана каалоосу менен гана иш аткарат.

*

# Ислам ишениминин максаттары.

"Максат" сөзүнүн (араб тилинде) бир нече мааниси бар. Алардын бири: (ок атуу үчүн орнотулган бута).

Ислам акыйдасынын улуу максаттары - аны бекем кармануудан турат. Алар көп түрдүү. Кээ бирөөлөрү төмөндөгүлөр:

Биринчи: Ниет жана ибадатты Аллахтын Өзү үчүн ыклас менен кылуу. Анткени, Аллах шериксиз Жаратуучу. Демек, максат жана ибадат Анын өзү үчүн гана болуш керек.

Экинчи: Акыл жана пикирди ыймансыздыктан келүүчү бей-баш ойлордон тазалоо. Анткени, ишеним-ыймансыз бош жүрөк сезилген, көрүнгөн нерселерге гана сыйынат же ар кандай жалган ишенимдердин жана адашуучулуктардын сазына батып калат.

Үчүнчү: Жан дүйнөлүк жана ой-пикирдик бейпилдик. Жан-дүйнөдө тынчсыздануу жана ой-пикирде баш

аламандык болбойт. Анткени, ыйман мусулман кишини өз Раббиси менен байланыштырат. Натыйжада ыймандуу адам Бийик Аллахты, жашоону эрежелештирүүчү кожоюн жана мыйзам түзүп берүүчү Аким деп ыраазы болот. Жүрөгү Аллахтын тагдырынан канаттанат жана ислам динине кенен ачылат. Ал андан башканы каалабайт.

Төртүнчү: Аллах Таалага сыйынууда же адамдар менен мамиле кылууда ниеттин жана амалдын тууралыгы; анткени анын негиздеринин бири - элчилерге ишенүү, бул ниетте жана амалда алардын туура жолун ээрчүүнү камтыйт.

Бешинчи: Иштерде бекемдик жана олуттуулук, ошондо ал сооп үмүт кылгандыктан жакшы иштерди жасоо мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарбайт жана жазадан корккондуктан күнөөлөрдөн алыстайт. Анткени анын негиздеринин бири - кайра тирилүүгө жана амалдар үчүн жаза же сыйлык болоруна ишенет.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَلِكُلّٖ دَرَجَٰتٞ مِّمَّا عَمِلُواْۚ وَمَا رَبُّكَ بِغَٰفِلٍ عَمَّا يَعۡمَلُونَ 132﴾

"Ар бир адамга өзүнүн иштерине жараша даражалар бар. Сенин Раббиң алардын (пенделердин) иштеринен бейкапар эмес". (Анаам сүрөсү, 132-аят). Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) момундарды өз максаттарына жетүүгө төмөнкү сөздөрү менен шыктандырган:

«الْمُؤْمِنُ الْقَوِيُّ خَيْرٌ وَأَحَبُّ إِلَى اللَّهِ مِنَ الْمُؤْمِنِ الضَّعِيفِ، وَفِي كُلٍّ خَيْرٌ، احْرِصْ عَلَى مَا يَنْفَعُكَ، وَاسْتَعِنْ بِاللَّهِ، وَلَا تَعْجِزْ، وَإِنْ أَصَابَكَ شَيْءٌ فَلَا تَقُلْ: لَوْ أَنِّي فَعَلْتُ كَذَا كَانَ كَذَا وَكَذَا، وَلَكِنْ قُلْ: قَدَّرَ اللَّهُ وَمَا شَاءَ فَعَلَ؛ فَإِنَّ (لَوْ) تَفْتَحُ عَمَلَ الشَّيْطَانِ»

«Күчтүү момун алсыз момунга караганда Аллахка жакшыраак жана сүйүктүүрөөк. Алардын экөөсүндө тең жакшылык бар. Өзүңө пайдалуу болгон нерсеге умтул, Аллахтан жардам сура, жана алсыз болбо. Эгер сага бир кайгы-капа жетсе: «Эгер тигиндей кылсам, мындай болоор эле» - деп айтпа». Аллах тагдыр кылыптыр. Ал Өз каалаганын жасайт -дегиле. Анткени,

«Эгер» деген сөз шайтандын амалдарына жол ачат». Муслимдин риваяты[1]

Алтынчы: Канчалык баалуу же маанисиз болбосун, динин колдоодо жана пайдубалын бекемдөөдө эч бир күчүн аябаган ана ушул жолдо жеткен ар кандай кыйынчылык-зыяндарга көңүл бурбаган күчтүү үммөттү түзүү. Бул тууралуу Аллах Таала мындай деген:

﴿إِنَّمَا ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ ثُمَّ لَمۡ يَرۡتَابُواْ وَجَٰهَدُواْ بِأَمۡوَٰلِهِمۡ وَأَنفُسِهِمۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِۚ أُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلصَّٰدِقُونَ 15﴾

"Албетте, Аллахка жана Анын элчисине ыйман келтирип, андан (өз ыйманынан) шек санабаган жана Аллахтын жолунда малдары, жандары менен жихад кылган адамдар гана (ыйманында) чынчыл кишилер". (Хужурат сүрөсү, 15-аят).

---

[1] Имам Муслим: «Тагдыр» китеби, «Күчтүү болууга буйрук, алсыздыкты таштоо, Аллахтан жардам суроо жана тагдырды Аллахка тапшыруу» кичи бөлүмү, 2664.

Жетинчи: Адамдарды жана жамааттарды оңдоо аркылуу бул дүйнөдө жана акыретте бакытка жетүү, соопторго жана урматсыйга ээ болуу. Бул тууралуу Аллах Таала мындай дейт:

﴿مَنۡ عَمِلَ صَٰلِحٗا مِّن ذَكَرٍ أَوۡ أُنثَىٰ وَهُوَ مُؤۡمِنٞ فَلَنُحۡيِيَنَّهُۥ حَيَوٰةٗ طَيِّبَةٗۖ وَلَنَجۡزِيَنَّهُمۡ أَجۡرَهُم بِأَحۡسَنِ مَا كَانُواْ يَعۡمَلُونَ 97﴾

«Ыймандуу болуп, жакшы амалдарды кылган эркек жана аялдарга Биз жакшы жашоо беребиз жана аларды кылган амалдарынан жакшыраак сыйлыктар менен сыйлайбыз». (Нахл сүрөсү, 97-аят).

Булар ислам акыйдасынын максаттарынын айрымдары. Биз Аллах Тааладан аларды бизге жана бардык мусулмандарга насип кылышын тилейбиз. Ал Берешен жана Мээримдүү, ал эми мактоолор ааламдардын Раббисине гана таандык.

Пайгамбарыбыз Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө жана жалпы сахабаларына Аллахтын тынчтыгы жана мактоо дубасы болсун.

Автордун калеми менен соңуна чыкты.
Ал Мухаммад Салих Усеймин.

# Мазмуну

Ислам акыйдасы тууралуу кыскача түшүндүрмө ................ 2

Ислам акыйдасы тууралуу кыскача түшүндүрмө ................ 2

Киришүү: ........................................................................ 2

Ислам дини. ................................................................... 5

Исламдын негиздери..........................................................13

Ислам акыйдасынын (ыймандын) негиздери. ...................19

Аллахка ыйман келтирүү. .................................................. 22

Периштелерге ыйман келтирүү. ......................................... 50

Китептерге ыйман келтирүү. ............................................. 59

Пайгамбарларга ыйман келтирүү. ...................................... 62

Акырет күнүнө ыйман келтирүү. ........................................ 76

Тагдырга ыйман келтирүү. .............................................. 108

Ислам ишениминин максаттары. ....................................128

ky71v1.2 - 03/09/2026